«ЖАШТАРДЫН ҮНҮ»
1972-ЖЫЛДАН
БАШТАП ЧЫГЫП
КЕЛЕТАТ.

Манап Алиев

# МАРТ — ЖАЗДЫН АЙЫ

Бурулкан Карагулова

# КЫЯЛ КЕМЕСИ

Бекбосун Байтоков

# ДҮРБӨЛӨҢ

ЫРЛАР

Фрунзе
«Адабият»
1989

ББК 84 Ки 7-5
А 50

Жаштар үчүн

Алиев Манап. Март — жаздын айы; Карагулова
А 50 Бурулкан. Кыял кемеси; Байтоков Бекбосун. Дүрбөлөң: Ырлар (Сүрөтчүсү Б. Жайчыбеков, А. Бадахшанова. — Ф.: Адабият, 1989. — 68 б. — (Жаштардын үнү).

ISBN5-660-00018-5

Китепке үч автордун алгачкы жыйнактары бириктирилди. Мурда ушул эле «Жаштар үнү» сериясы «Мектеп» басмасынан өз-өзүнчө китеп болуп чыгып келгени белгилүү.

Авторлор бири-биринен ырларынын тематикасы, жазуу манералары менен айырмаланат.

В книгу включены первые сборники, составленные тремя молодыми авторами, из серии «Голоса молодых».

Стихи авторов различны по тематике, по стилю.

А $\frac{4803300200-108}{М\ 455\ (11)-89}$ 157.89 ББК 84 Ки 7—5

ISBN5-660-00018-5

© «Адабият» басмасы, 1989-ж.

Манап Алиев

# МАРТ — ЖАЗДЫН АЙЫ



* * *

Бир кезги мектеп жолунда
куюлгуп дүйнө куюлгуп,
Турчу эле менин оюмда
күлгүн жаш жаркын туюлуп.

Анан да кайрык обонду
кайырып ырдап санадар,—
Эсиме салып турушчу
жол бойлоп өскөн дарактар.

Кайда эми, кайда ал учур —
күлгүн жаш, жаркып туюлган?
Кайда анан, кайда ошол ыр —
кайрыгы мага угулган?

Кайда деп аны сурасам
соодагер-алып сатаардан:
«Изде .— дейт — эпчил, элпексип.
соодасы жүргөн базардан».

Кайда деп аны сурасам
мээнеткеч баба дыйкандан:
«Эмгектен... келет акыры
жаз менен жаркып кайрадан».

Соодагер кызып соодада
бактысын издейт базардан...

Дыйкандын түшүп жолуна
мен кеттим жүрүп азандан...

Мынакей менин жолумда
күлгүн жаш, дүйнө куюлгуп.
Дарактар ыры, кайрыгы
дагы да турат угулуп...

## ДАРЫЯ ЖАНА АДАМ

1

Кайдан билсин дарыя, кайдан гана:
«буудай-көлү» толкуп үйүрүп жайыкта
толкуп анын деминен
жайкалышын бу мына?!

Кайдан сезсин дарыя, кайдан гана:
түндө жаркып жылдыз түшүп койнуна
аян көркү баян этип —
жыбырашын бу мына?!

2

Сан ойго батып жалгыз
өмүргө түйшүк артып,
узартып жолун салып,
өчүрбөй отун жагып
сактанып бир-биринен
колуна курал алып...
дарыя-агын суунун
түйлаган агымын да,
Умтулуп кетип алга
жашаган заманын да
өткөндөн өрнөк алып
өткөргөн тарыхын да,

сүйүүнүн өзөктөгү
өрттөгөн жалынын да,
билген бир бу жарыкта
жандуудан Адам гана!
Алибетте, Адам да
сыймык ага,
урмат ага,
улуулукка үндөп ана
чакырган акылына.

3

Бирок гана...
адамдагы айбандыкка, наадандыкка жеңдирбей,
Адам менен дүргүп аккан Дарыя
калуу керек Күн алдында дайыма:
Тирүүлүктүн бир милдетин аткарып,
Жер көрктөнтүп, Жер жашартып
түбөлүккө шаттанып.

## ЖАН ТЫНЧТЫГЫН АСЫРАП...

Бейпилдик, жан тынчтыгын
асырап алгың келип,
турмушка тике багып
тик жара салгың келип,
жашаган кенен бөлмөң
кыймылга толгон көчөң —
дайыма тарыгансып
жүгүрүп кеткиң келет:
көз көргүс, кулак уккус
кайдадыр алыс жакка...

Кыймылда табаарыңды
сен күткөн жан тынчтыгын

күн мурун билсең дагы
бирок да билдиң бекен?!
Кагышы жүрөгүңдүн
табышсыз токтоп акыр
бейпилдик, жан тынчтыгын
түбөлүк алаарыңды:
анда сен түбөлүккө
тынчтыкта калаарыңды.

Сен күткөн жан тынчтыгы
жок такыр тирүүлүктө,
турба сен күтүп, издеп
келген бир өмүрүңдө.

Гөроокатка күйүнгөн
издеп, ойлоп пайданы
кирешеге сүйүнгөн
ой жүгүртүп турмушка
кээ бирөөнүн айтканы:
«Бала... бала... бала, — деп
баланын иши чала, — деп
иш тапшырып аларга
башкөз болуп кара...» — деп.

Жамандыкка ташты да
кара санап, кыйбаган,
чындык үчүн чыркырап
жүрөк канап ыйлаган —
ой жүгүртүп турмушка
кээ бирөөнүн айтканы:
«Калп сүйлөөгө көндүрөөр...
гөроокатка өтөлек
балдар ою таза, — деп,
үлгү болбой өстүрсөк
акыр тийээр жаза...» — деп.

## ШАМАЛ КҮНДҮН КАДЫРЫ

Тотуктуруп адамдардын жүздөрүн... өткөн шамал
Желпиндирип канаттуулар канаттарын... желпкен шамал
Үйлөп, чачып таакымдар,
чөптөр жытын
алып жортуп
күндү күндөй
түндү түндөй
билбей жүрүп.
Дарактардын мөмөсүн... күүгөн шамал,
Шамал... шамал... шамал дешип адамдар
жашоодогу күнөөсүн
ойлоп, көрүп шамалдан
айтат алар:
Ачык жерде үйлөп отун өчүрөөр... бул да шамал.

Чечелбеген Шамал, Күндүн кадырын
сезип учуп топ куштар,
сезип өсүп чөптөр менен дарактар
бирок гана алар сезбейт
Жерге ээлик жасашканын адамдар!
Гүлдүү жерди чөлгө айлантып,
чөлдүү жерди гүлгө айлантып
жашашканын,
өмүр азын
билип туруп адамдар
бирок гана сезээр бекен —
Чечелбеген Шамал Күндүн кадырын
сезишкендей топ куштар,
сезишкендей чөптөр менен дарактар?!

*

Чал-кемпир каресинде
көз жаштап электенип

тарып аздап тар бөлмө
тарып барат
бүткүл тарап...
жүрөк капап:
«Атаганат, атагана !
Көөдөгүм, тумшуксузум
кеттиң — деп — эрте жайрап...»
Айтылган апап ушу
аргасыз үн угулат.

Баары турат
бардыгы эле:
Короо-жайы, малы-жаны,
ээликтеген там-ташы,
тилсиздикте тунжураган
төбөдөгү Күн дагы,
жакшылыкта, жамандыкта
бирге болгон эл дагы —.
бардыгы эле анакей
баары турат.

Бирок гана,
жөлөк деп арыганда,
тирек деп карыганда
чал-кемпир баккан чүрпө
тилек кайда —
кечээги эле ойноп жүргөн
эл кенчи эрке бала?
Тилек калды...
Анын ордун
айрылуунун ызгаар кышы
бороно уруп ышкырып ээлеп алды
ээлеп калды:
өлүм деген оён чыгып
ойрон кылып жаш жанды.

## ЖАЗДА

Жаз жаңырып келгенде
жашыл түсүн бергенде,
Өрттөй алоо-кыпкызыл
кызгалдагын тергенде:

Булбул үндөп сайрашы
жанга жагым угулуп,
Толкуп гүлдөр жайнашы
өрткө айланып — туюлуп.

Көңүл сүйүп карадым
табиятты кубулган.
Тирүүлүктү алкадым
тузун татып буюрган...

* * *

Жаздын күнү — жаш бала
жаш агызып ыйлаган —
өткүн өтсө сукtанып
жүрөгүндө туйлаган.

Мөлтүр тамчы чөптөгү
бар дүйнөсүн сүйгүзүп.
көңүлдөгү өртүңдү
тутандырып күйгүзүп.

Дарыянын агымы
киргилденсе кеч менен...
ой-санаанды туткундап
арууланткан жаз деген.

* * *

Кызыл-тазыл гүлгө оронуп жайыктар
Желпинишсе жел барынан сыдырым.

Ай талаанын кан тамыры — арыктар
Айтып бүтпөй жай барынан шылдырын,

Сансыз үндөр Күн барынан кубулжуп,
Шамал туйлап Жер барынан уюлгуп.
Бир өмүрдүн таттуулугун билгизет,
Асан-үсөн ана түшсө куюлгуп.

Жаша өмүр, жаша дагы сулуулук!
Дилде сырың дилдиретип «ийиткен»,
Мен өмүргө конок экем, бир азга,
Өскөн өлкөм дагы-дагы бийиктен!

* * *

## БАЛАЛЫК

Жайыкта өскөн жайкалып
жоогазын болуп көрүнүп —
жан дүйнөм өрттөп балалык
кеттиң сен неге бөлүнүп?!

Жолуксак түштө биз эгер,
пендедей күлүп басмарлап:
«Сураба, кана?.. кана?..— деп
дымагың жүргөн кастарлап».

Пенденин сөзү белгилүү...
өлгөндөн алып жыртышты.
Ээликтеп эбак алышкан
ал эмес Жерди кыртышты.

Жабыгуум... жануум... бир гана
энчиме тийип өмүрдөн,
бир жолку көргөн түшүмдөй
калдың сен чыкпай көңүлдөн.

## МАРТ АЙЫ

Март айы — жаздын айы
жаңырып келип жаңы,
толкуну жазгы маанай
толкутуп берип аны:
Жер койну жалгыз гана
өткөндүн изин катпай...
жашырып кыштан ызгаар
жашоонун демин жазгы,
бүтпөгөн тирүүлүккө
ышкынды анан дагы
аздектеп каткандыгын,
асырап жазга чейин
алдейлеп жаткандыгын.
Март айы — жаздын жайы
айтат бу, айтат сага
чөп менен алып чыгып
жашоонун демин жазгы...

* * *

Күнүмдүктүн көйгөйүн
күндө көрүп түйшөлүп.
Түшүн жооруйт ар пенде
окшошпогон түш көрүп:

...бири жоруйт санаркап:
— Эң башкысы бу күндө
Жерде тынчтык болсун,— деп —
айланып учкан ак кептер
ар бир үйгө консун — деп

...бири жоруйт жаландап:
— Эки жерде эки төрт
төрттү беш кылып алсам — деп
пайдасы тиер адамга
баш урунуп жаксам, — деп.

Түшүн жоруйт ар пенде:
Күнүмдүктүн көйгөйүн
күндө көрүп түйшөлүп,
Эмне ойлосо өнүндө —
дал ошону түш көрүп.

* * *

«Көз жаш өтөт, кышың өтөт бел ашып
кайгың кетет уулап денең зил чачып»
деп айтылган эл сөзүндө калет жок
байчечекей жүз көрсөтөөр гүл ачып,

Байчечекей жүз көрсөтөөр гүл ачып,
тирүүлөрдүн аз өмүрүн кубантып.
Табияттын төрт мезгили-төрт башка:
Бири кетсе, бири турат улантып.

Ырас, жашоо ыгына алып бардыгын,
жалган-жашык сөз сүйлөөгө көндүрөт.
Тирүүлүктүн шарпасынан каадасы —
ай, ошондон, миң бир эсе көбүрөөк.

## ДАРАК ЫРЫ

Бүдөмүк мага бүдөмүк. —
кандай күн күтүп астында?
Ыгына өтүп турмуштун
«дос» дедим күлүп касты да:

Саябан болуп, сап болдум
балтанын досу керкиге...
турмуштай тажаал жок экен
койбогон сенин эркиңе...

Аптап бар жайда муунаган,
чилде бар кышта зуулаган.

Кемелге жетпей чырпыгым
канчасы көктөй куураган.

Канимет айтып күн өтсө,
бариктерим күзгө тонотуп,
жашадым чачып өмүрдү
пайдасыз ишке коротуп...

Бүдөмүк мага, бүдөмүк —
кандай күн күтүп астыда?
Ыгына өтүп турмуштун —
«дос» дедим күлүп касты да.

* * *

Кан дүргүп жүрсө денеде
тирүүлүк демин — өрт сезип,
аяздан коргоп тукумун
куш кетет учуп — жер кезип...

Балталап кыйба, дарагын!
Кайткан куш консун уялап,
өзгө эмес уулун утурлап
кубанып тоссун ураалап!

Дарагын өстүр, дарагын —
өмүрдүн демин өрт сезип,
аткарып жашоо мыйзамын
кетсе да куштар жер кезип...

## ШАМАЛ ЖӨНҮНДӨ ОЙ-ТОЛГОО

Желпинип, желип тынчыбай
Жердеги жүргөн шамалдын —

туйсаңчы адам, туйсаңчы —
жөрөлгө, жөнүн, сабагын:

каадасы, ырым-жырымы —
турмушту ар кыл чаргыткан,
кудайы, пири жок туруп
келмесиң айтып айбыккан.

Аркырап бүткүл аймакта
чек коюп Жерди бөлбөстөн:
Эркинче дуулап күн көрүп
түбөлүк калган өлбөстөн —
тыңшачы адам, тыңшачы —
шамалдын үнүн сен мына:
Жер-Эне мекен экенин
жалпыга зуулап айткансыйт,
жетээр деп үнүм адамга
удургуп, улуп жаткансыйт.

Шамалдын ушу сабагын
туюнуп, туюп эрте бу,
куралын топтоп жулкунбай...
колунда турган мезгилдин

акылга салып ыргагым —
уксаңчы адам уксаңчы —
мин жылдап кетип алдыга
келечек күндүн ырларын.

* * *

— Дайрадай бойлоп өзөндү
кетсе өмүр, кетсе «деңизге»
Оо, акын, арнап эмнени —
эмнени жаздың, сен бизге

— Турганын жаздым түбөлүк
кебелбей тоолор, кебелбей,
кеменгер ойго гөроокат
келгенин жаздым
теңелбей:
Тиреги, элдин тилеги —
Манастын барын көрө албай,
Абыке, Көбөш ич тарып
колунан келсе дүйнөнү
салгысы келген аңтарып,
сан кылым жүрүп сапарда
бүгүн да жашап катарда...

— Турганын жаздым түбөлүк
кебелбей тоолор кебелбей
кеменгер ойго гөроокат
келгенин жаздым теңелбей...

## КӨЛӨКӨ ЖӨНҮНДӨ БИР ЫР

Айланып жалпы кенчке
көлөкө төрөп берген —
Күн нуру орток бизге...

Бирок да Жер үстүнө
куралдын көлөкөсү түшүп дале,
дагы деле
мылтыктын атылганын кулак чалып, кулак угат...
согушчан сендей эле, мендей эле:
бала сүйүп,
жарын сүйүп
жашоодон аша тоюп кечпей эле
коңушу, чектеш болуп анан да жашап турат.

Жашоонун жакшы жагы:
Жерден деле түшүп Айга көлөкө
он беши — айлуу, он беши — айсыз

бу мынакей биз жашаган бир айдан...
«Биз дем алып бир абасын —
бир кендиктин, бир жайдын
турабыз!»— деп адамдар
курал-жарак көлөкөсүн кайып кылып жоготуп
Айсыз түнгө өткөрүп бериш үчүн:
«Күндүн нуру — куралга эмес, чөпкө керек!— деп айтып
Күндүн нуру — куралга эмес, талга керек!— деп айтып
Күндүн нуру — куралга эмес, элге керек!— деп айтып
тынчтык үчүн чыгуу керек күрөшкө!
Бир убакта түп көтөрө бир добушта үн салып,
согушчандын тилегин таш каптырып,
жашообузду Күн алдында жараткан
табияттын дал өзүнөн үлгү алып.

## АСАНКАЙГЫ ЖАНА СЕН

Жашоо деп тамак наркын,
кийген кийим анын баасын,
айтышып колундагы
байлыктын кадыр-баркын,
сүйлөшүп турган тиги
сөздөрүн адамдардын
жанбоорум, укканында:
«Канча — деп — баасы мына —
дарыя, бу талаанын,
анан да чака — пулсуз
дем алчу бул абанын?»

«Канча — деп — баасы анан,
асманда Айдын дагы,
жалпыга тегиз тийип
турган бу Күндүн дагы?»

«Канча — деп — баасы канча. —
жымырап көлгө түшчүү
эки жаш энчилешип
тымызын бакыт күтчүү:

Түн көркү жыбырашкан
көктөгү жылдыздардын?»
«Канча — деп — баасы канча?..»
Түйшөлүп, түйшүктөнүп
санаркап анан турбай
эстегин, дайым эсте!
Толгонуп миңдин бири —
турганын Асанкайгы:
Чөп, дарак жакулуктун
жана да адамзаттын —
тагдыры, келечеги
тогошуп кандай күнгө
бүгүнкүдөн эртеңкиси
калат деп кайсы күндө?!
Турганын ойлон дагы
айткын сен, айткын салам
сүйлөшүп турган ана
жанагы адамдарга!
Түшүнбөй саламыңды:
«сообу» деп дени тиги
пенденин бар күлөөрү...
Түшүнүп саламыңды
боорундай көрүп сени
айтаар бу Асанкайгы
дилинден түйшөлдүрүп
толгонтуп турган ойду:

«Байлыктын баасын айтпай
тирүүлүк баркын айтып,
сүйлөшөөр учур бизге
келгенин адам уулу
дайыма билели!»— деп,
«Өмүргө келип ыйлап,
өмүрдөн кетпей уктап
адамдын атын улуу
өзөктөн оргуштатып
өзгөнүн күлкүсүнөн

дайыма сезели!» — деп,
айтат ал, айтат сага,
сен айткын саламыңды
тартынбай жолукканга!

* * *

Жылаажын аяр үнүндө
өткөндү мага баяндап.
Жаркыным түшкө кирсенчи,
жаркып бир аруу аяндап.

Турмуштун жөнү башка экен,
жаштыкта билбес кадырын...
Өмүрдүн арты кайгы экен, —
өлүмү ээрчип акырын...

Өрт чалган кызыл күүгүмдө
өткөнгө кайра жол улап,
Жаркыным дагы чыксаңчы,
жароокер күлүп жоодурап.

Жаркыным азыр кайдасың? -
Жалынга салып дүйнөмдү.
Кайырып алсам эмине,
кайрылгыс кайып күндөрдү?!

* * *

Менин дилим издеп көктөн арзууну,
сенин дилиң издеп Жерден арзууну
кеткен элек эки башка жолдо биз
медер тутуп жомоктогу «ак кууну».
сен таба көр, мен таппадым ал кууну.

Жолугушпай калсак эмне ошондо?
Тузун татпай бир убакта бир жердин.
Көңүл — демин аруулантып дилинде
сен түшүнө кирдиң экен кимдердин?
Болгун эсен, болсоң дагы кай жерде.

* * *

Кызгалдак гөлгөн кыраң
кез эле толукшуган:
Таң менен шүүдүрүмгө
аруулап таажы жууган —
кез кайда, учур кайда
калабы ашпай кырдан?!

Кыялкеч — жакшына үмүт
жерде атчан желип келген:
Ал кезги сени, мени
бир үйгө алып кирген —
кез кайда, учур кайда
чыгабы эми дилден?!

## ТИЛЕК

Чыныгы ырды, кайрыкты
көңүлүм күсөп сагынып:
Таппадым... ошол ыргакты...
жабыркап ойго сабылып.

Өмүргө өбөк бу тоолор
андайда турган дем берип:
Көркүнө тоонун толукшуп
толкудум көлдөй-о, эргип.

Оо, тагдыр мейли таппайын
Көксөгөн көңүл ыргагын.

башкага тагдыр буюруп
жазсын ал турмуш ырларын!

* * *

Көз жашка толгон жээктен
көз жумуп ўзап, сен сүзүп —
«кеткен соң»... жетип баркыңа:
Мүрзөнө койдук гүл үзүп...

Мүрзөнө койдук гүл үзүп...
Муңканып булбул сайраса,
өз атын коргоп ырларың
түркүн түс гүлдөй жайнаса...

Даңкты ойлоп, күтүп издебей
кыргызды сүйүп сыйлаган
ырларың калып,
өзүң жок
жоктошуп бүгүн ыйлаган.

Даңк деген ушул, даңк беле?!
Көз жумуп, узап сен сүзүп
жээктен узап кеткен соң
дарбыдык жазгы гүлдү үзүп...

* * *

Жоголгомун... шамалга өтүп аркырап,
жоголгомун... дайрага өтүп шаркырап
жолугууга эгер издеп сен чыксаң:
Балыр басып, бака чардап сайраган —
мени издебе көлмөлөрдөн «камалган»...

Изде мени, күкүктөнүп таңды кеч
тыным алоай дүргүп аккан дайрадан,

изде, дагы мени издегин шамалдан:
Таш мелтиреп мерез болуп түбөлүк
туюп-укпай шамал ырын ырдаган...
тирүүлүктүн жалгыз ырын жаңыртып
акыр тапкан эгин өскөн талаадан —
изде мени шамал менен дайрадан.

Гүл кучактап жылма күлүп тоспостон...
оргу-баргы шамал болуп аркырап,
жолу катуу дайра болуп шаркырап,
бар дүйнөмдү сага ыйгарып тартуулап
тосуп чыгам, эгер, издеп сен чыксаң.

## ҮЙ ЖАНА КЕМПИР

Көп жыл бою калган үйдү кароосуз
Ой токтотуп карап туруп көңүл суз:
Ушул өмүр үйдөй белем, үй беле.
Мезгил кажып, белги салып аёосуз.

Кунар кеткен кары көздөй нуру өчүп,
Аңгырашып терезе, эшик телмирген,
Балдар кайда барбалактап жүгүрүп
Эшик бербей тең жарышып, тең кирген?

Ушул үйгө аппак үйлөр катарлаш
Балдар ойноп бала менен балкыган.
Жүрөт мында жалгыз эне таякчан
«Согуш» десе денеси үркүп жалкыган.

## КЕЧ КҮЗДӨ

Кыроо басат ой-талааны таңкысын
Короолордо кыштык отун кыйылган.
Теребелди боштук ээлеп — аңгырап
Чөңөр калып, чөп орулуп жыйылган.

Жарашыктуу жаңы бүткөн тамдар бу
Сыны сынга толуп - толуп жымыйган.
Эрингендей карайт көктөн Күн өзү
Нуру кеткен көз өңдөнүп кылыйган.

«Дүр-р» деп учуп перенделер аңызга
Топ-топ болуп жем издөөгө жыйылган,
Түнү бою кыроо басып-чыйрыккан
Талды көрөм Күн нуруна жылынган.

## «ТУРМУШ—ТУЛГА»

Сындап койгон ооз айыбың тарттырып,
дайым тулга муктаждыгын арттырып,
«турмуш — тулга» түбөлүккө көө кийип
турат сага рамазан айттырып.

«Турмуш — тулга» пайгамбарың баш кылы
улгайганды керектесе жаш кылып...
жакшылыкка — жаның курман, мейли эле,
жамандыкка — күштөбөсүн, маш кылып?!

Сындап койгон ооз айыбың тарттырып,
дайым тулга муктаждыгың арттырып
«турмуш-тулга» түбөлүккө мойнунда
турат сага «бисмилласын» айттырып.

## ЭЛДИ, ЖЕРДИ АЛКАЙСЫҢ

Дүйнө татаал... көзүң нурсуз тунарып
бу жашоонун издеп, издеп жүйөсүн
көсөө эмес... чокту шилеп жалындап,
колун эмес бутка чейин күйөсүн.

Күүгүм турса, көздөрүңдү ээлеген
жакшылыкты элден, гана издейсиң,

колдоруң шал... оюң жетип турса да
өзүңдү эмес өзгөлөрдү «сиз» дейсиң.

Жашыл түскө көңүлүңдү алдайсың
Кээде өзүңдү алдаганда кунарсыз,
анан элди, анан жерди алкайсың
тилсиз, дилсиз сен калчуудай буларсыз.

## КҮНДӨН ӨЙДӨ КӨКӨЛӨП...

Тике карап тигилген,
көр оокатка илинген
кыңыр иши кара өзгөй:
мезгил өтүп билинген
жашоо жөнү жөн салды
түшүң эмес жоруган.
өз пайдасын көздөшүп;
аны куулар тооруган,
бирок, бакыт, эл үчүн
бар адамдар «ооруган»!

Алар жашайт катарда
элдин кушун бөпөлөп,
күнүмдүккө кул болбой
күндөн өйдө көкөлөп...

Бурулкан Карагулова

# КЫЯЛ КЕМЕСИ



* * *

Жазды тосуп жылуу жааган жамгырда,
Жашыл көйнөк кийип чыктым көчөлөп.
Кулагыма ар бир дарак шыбырайт:
«Көйнөгүбүз окшош экен, көрчү»,— деп.

Күз келгенде, муздак жааган жамгырда,
Сары көйнөк кийип чыктым көчөлөп.
Кулагыма бардык дарак шыбырайт:
«Жүзүндөн не али жазың өчө элек?»

## СЕН ЖЕТИШПЕЙ ТУРАСЫҢ...

Саймаланган кызыл жоолук салынып,
Жалын болуп дидарыңа кабылып.
Желбиредим неге мынча билбеймин
Тагдырымдан сени сурап жалынып.

Сен жөнүндө сүйлөй берем чарчабай,
Сүйлөр сөзүм түгөнбөгөн шекилдүү.
Турмуш чындап менден күчтүү көрүнөт,
Жасаганы өктөмүрөөк, өкүмдүү.

Атпас таңды күчкө салып атырам,
Кезек алып, сүйүү ташып киргенде.
Башкачараак болот белем башынан,
Махабаттын таш боорлугун билгенде.

Жылдыз сымал жарк деп учуп өткөндөй,
Конок белең өмүрүңө бир келген.
Кара түндү ээрчип кетсин өткөндөр,
Кабар алып кетсең боло эркенден.

Эки бетке сууну чачсам кочуштап,
Чычалайсың көтөрө албай оюнду.
Сенин ошол мага берген белгиңби,
«Сүйбөйм сени, сүйбөйм» — деген жообуңбу?

Ойлоп көрсөң эмнелер жок дүйнөдө,
Кайгы, шаттык кыналышып ээрчишкен.
Турмуш кызык — кээде ылдый, кээде өйдө,
Далай эрлер арманда өтүп кетишкен.

Кыялдарым быты-чыты чачырап,
Узун түндү ойлоп жатып өткөрөм.
Бажырайып мени өзүнө арбаган,
Көзүң такыр кетпей койду көңүлдөн.

Качандыр бир жолукканда күлмүңдөп
Тунук сүйүү сезилчү эле үнүңдөн.
Сыланкороз сылап чачың кылтыңдап,
Кимди издеп, кайда кеттиң күүгүмдөп.

Тынч алалбай, кең ааламга сыйбастан,
Аба ордуна чаңды жутам кысылып.
Шынаарлашып көңүл сүйгөн кыз менен,
Өткөрөсүң жашоо, өмүр кызыгын.

Ошо кызың жарык кылып жолуңду,
Тең келбеген өнөр менен жактыбы?
Же болбосо кымбат баалуу бермети,
Сен уктаган ак бөлмөгө чачтыбы?..

Оокат кылып коломтого от жаксам,
Дем чыгарбай улутунам ар качан.

Ошол оттой бир чачыраң күйө албай,
Калбадыкны түтүн болуп чырмашкан.

Оюм тутам түрмөктөлүп капкара,
Азан менен айланабы ак жаанга.
Ошондогу бал тилиңе ишенип,
Мен ыраазы болбой келем бактыма.

Кайда кеттиң ажарлуу жаз түнүндө,
Тоту кушту канатынан ким илди?
Айкөл, назик, көңүлү ак ананды,
Мага арнаган шекүлөсүн ким кийди?

Аны эстесем ток ургандай жүрөк тыз,
Өзүң жокто баары мага кызыксыз.
Аша чаап, айды жарып өтсөң да,
Жарың болор мага окшогон да бир кыз.

Махабатың дилинде эмес, тилинде
Экендигин билсем деле эмдиге.
Жырган күлбөй жаштык азоо кезинде,
Туңжураймын сүрөтүңө тигиле.

Сыртың жылма ичинде экен тикенек,
Селт дей түшөм эстегенде титиреп.
Колду кезен унутсаң да өткөндү,
Менин болсо али эсимден кетелек.

Эсиң менен ак-караны ылгабай,
Суу сурасам уу карматтың колума.
Аргамжылап койду бекеп ушакчы,
Түшүп кеттиң «барса келбес» жолуна.

Күндөр өтсө өмүр өтөр кылчайбай,
Кечээкини бүгүн жаап, барактап.
Жулуп таштап көкүрөктө муңумду,
Жүргүм келет сыр алдырбай шарактап.

Курбулар көп зериктирбес эрмегим,
Кайгы сырым бөлүштүрүп бермегим.
Карап көрсөм бардыгы бар жанымда,
Баары түгөл бир кана сен келбедин...

## ЖАА, ЖАА, ЖАМГЫР!

Жаа, жаа, жамгыр, жаап өтчү,
Ак бетиме себелеп.
Өткүн болуп төгүп өтчү,
Асан-үсөн желелеп.

Жамгыр, жамгыр, кулак төшөйм,
Музыкадай үнүңө.
Жыпар моңчок тагып өтчү,
Жаңы ачылган гүлүмө!

## АТА-ЖУРТКА

Ыйлап калсам кайрат берип андайда,
Ырдап жатсам ыргак кошуп таңдайга.
Куунак кылып санаа баскан көңүлдү,
Ата-журтум жаралгансың маңдайга.

Бүтсө дагы таш-турпактан алп денең,
Бүрүң бүрдөп дүркүрөйт го жаз деген.
Дир-дир ийип булактарың күздөгү,
Эгин алып, сырдашабыз Жер менен.

Кышта бейгам тон жамынып ак кардан,
Күндөй күлүп, миң күлпүрүп шаттанган.
Алмашылган мезгилдерге кемибей,
Кереметиң, кенчиң мүлдө сакталган.

Ырысымдай маңдайыма бир бүткөн,
Ысык мээриң, ышкылуу жан дүргүткөн.

Мен өзүнө мөлмөл булак өмүрдү,
Дайра кылып уурттатууга үлгүрсөм!..

## ЛЕНИН МЭЭРИМИ

Үлбүрөк үч жаштагы кызым Мээрим,
Тамшанып угам таттуу айткан кебин.
Жылмайган жылдыздуу бул карыянын,
Сүрөтүн көрүп айтат: «Атам Ленин».

Баланын жаралгандай тилегинен,
Эненин жаралгандай жүрөгүнөн,
Ленинди тили чыккан кызым таанайт,
Жупуну дал өзүндөй сүрөтүнөн.

Ал чачкан мээрим нурун тоспогула,
Акылман сөзүнө калп кошпогула.
Ким бузса осуятын, мыйзамдарын,
Атынан адамзаттын соттогула!

Ыр менен гүлдөр сунам жаңы жаздан,
(А бирок, кайталангыс өзү дастан.)
Чаташкан чие турмуш түйүнүн чечип,
Адашкан канча жандын көзүн ачкан.

## КОМСОМОЛДУК ЖҮРӨК

Иштер жок жаштар барып бүтүрбөгөн,
Күчтөр жок комсомолдой күжүлдөгөн.
Жаз жыттап, сүйүү татып, талант издеп,
Жүрөгү көкүрөк тээп дүпүлдөгөн.

Дың жерлер өсүп чыккан жашыл канат,
Колунан комсомолдун асылданат.
Жаштык — бул тармал көкүл шайыр жигит,
Жаштык бул сулуу кыздай чачын тарап.

Жаңылык келет дайым жаштар менен,
Жайдары акылдашкан карттар менен.
Жүрөгүң комсомолдук соғо берет,
Эрдиктен таш жазданып жатсаң деле.

Комсомол — жолоочусуң талыкпаган,
Сен үчүн мамык таштай, таш мамыктай.
Марага жете келип ар жыл[illegible]ын
Максатка атырылган аргымактай.

Чаба бер жаштык кезде аргымакты,
Керекпи, мезгил, турмуш; Айды чапчы!
Комсомол бойдон жапжаш жүргүм келет,
Улгайып кемпир болур калганчакты.

## АЙТЫП БЕРЧИ АТАМ ЖӨНҮНДӨ

Апакебай сенден суранам,
Кеп козгочу өткөн турмуштан.
Жесир калып отуз жашында
Жалгыздыкты — сени куурулткан.

Кара кийип жашың тыйылбай,
Көк түйүлгөн чыгаар көңүлгө.
Ошол өткөн катаал турмуштан,
Сүйлөп берчи атам жөнүндө.

Акыркы ирет сүйүп жүзүмдү,
Уктатканын билем түндөсү.
Уяуңдай жаш тура бул жигит,
Тиктебечи ушул сүрөттү.

Унутулуп көргөн азабың,
Бакыт күлөт азыр төрүндө.
Чынар болду тиккен чырпыгың,
Айтып берчи атам жөнүндө..

## ЖАКШЫ КӨРӨМ АЙЛУУ ТҮНДӨРДҮ

Мага жагат айлуу түндөгү
Сүт сураган сүтак үндөрү.
Түн күзөтүп короо четинде,
Чабан кыздын басып жүргөнү.

Жакшы көрөм айлуу түндөгү,
Безеленген булбул үндөрүн.
Жана дагы бактын түбүндө
Сүйгөн кызын жигит күткөнүн.

Мага жагат жумшак тоо жели,
Эркин сылап турса гүлдөрдү.
Сүйүшкөндүн башын коштурган,
Жакшы көрөм айлуу түндөрдү.

*

Дүрт этип отко түштү,
Күнөөсүз жалын жүрөк.
сыр бербей от ыргытып,
Зымпыйып жигит жүрөт.

Билдирбей ал сезимге,
Бүлүктү салып таштап.
Бей капар жүрөт жигит,
Бир кыздын көзүн жаштап.

Амалсыз кыз бүркөлөт,
Сүйүүсү түтөйт батпай.
Жигитке күлүп койду,
Эңсөөсүн ичке катпай.
Махабат жанга батса,
Кетирет тура шайды.

Жигит да күтсө керек,
Керiле кучак жайды.

Алоолоп эки жүрөк
Түн бою күйүп турду.
Агарып таң атканда,
От көздөн кайым болду...

## МАХАБАТКА КАБЫЛГАНДА

Аял бар элүү жаштан бир аз ашкан,
Мүнөзү, бардык жагы мага жаккан.
Кезинде болгон чыгар бул да чүрөк,
Азырчы, беттерин бүт бырыш баскан.

Ал аял күндөгүдөн бүгүн башка,
Гүл тагынып алыптыр буурул чачка.
Сүйүнөт, сүйүнгөндөн жерге батпайт,
Же эмне, кабылганбы махабатка.

Ангыча шыңгырады телефон да,
Атылып, ана жетти трубкага...
Жолукчу жерин көздөй жөнөп калды,
Үлгүрбөй тарануута, жасанууга...

Махабат — карт адамды жапжаш кылган,
Адам жок бир өзүнө багынбаган.
Жылбайсың «он сегизден» качан көрсөм,
Өзүңө адам аттуу таазим кылган.

Эх, сүйүү, касиеттүү бардыгынан,
Кайсы жан жалынына жылынбаган.
Мээримиң дудуктарды сөздүү кылып,
Бечара сокурларды көздүү кылган.

## КОШТОШУП КОЙДУМ БЕЛЕ КУРГАН ЖАНЫМ

Катылып будөмүк ой көңүлүмө,
Кайгылуу өңдөн азып жүргөнүмдө.
Кат келип күткөн кымбат адамымдан,
Кан куйду алсыраган жүрөгүмө.

Катарлаш жүргөнүңдө баркың сезбей,
Канатсыз каларымды же эстебей.
Коштошуп койдум беле курган жаным,
Канетип сенсиз өмүр өтөт дебей.

Кадыркеч асыл затым, табылбасым,
Кыйылбай тең бөлүшөр табылгасын.
Келегөр, кымбат курбум билесиң го,
Каректе өзүңсүз шам жагылбасын.

Күтөмүн, бажырайган жанар көзүм —
Катылган сагынчымды бөлүшөйүн.
Катты кой, кат ордуна өзүң келчи,
Кумардан таркаганча өбүшөйүн!

## КЕЛГИН ЖИГИТ

Көрчү жигит карегимден от жанат,
Сени күтүп майрам күнү келет деп.
Куттуктайм деп белегиңди бербегин,
Белек деле чүпүрөктөй эскирет.
Негедир мен күндөгүдөн сулуумун,
Жүз албырттап, чоктон ысык илебим.
Келгин жигит, ушул күнү сен келсең,
Майрамдагы белегим деп билейин.
Жолун тосуп башкалардан бөтөнчө,
Нурдан чубап көйнөк түйүп кийейин.
Келгин жигит!

## ӨҢӨРҮП КЕТ КАНАТЫҢА — КӨЛҮҢӨ

Мени ойлонуп укта жигит түшүңө,
Ак булуттан көйнөк кийип кирейин.
Сенин демиң, өрттөй ысык илебиң,
Ак булутту ээритеби, билейин.

Ушул түнү мен түшүңө кирейин,
Шөкүлөчөн той кийимин кийинип.
«Бай болгун»,— деп жоолук салган башыма,
Апакеңе жүгүнөйүн ийилип.

Укта жигит, мени көрүп түшүңдө,
Өңөрүп кет канатыңа — Көлүңө.
Наристедей кол булгалап учалы,
Укта жаным, таттуу уйкуңдан бөлүнбө!

* * *

Айдайымсың, а бирок Ай эмессиң,
Алтынымсың, бирок алтын эмессиң.
Айтылбас сыр жүрөгүмдө шыбырайт:
«Бир гана сен, бир гана сен керексиң».
Аяр сактап катып жүргөн гүлүмдү,
Сенден башка жан адамга бербесмин.
Бир гана сен, бир гана сен керексин!

## ОО, МАХАБАТ МЕНИ АЯБА!

Алысташтык күйүт түтөп көңүлдөн,
Арабызда алда канча күн өткөн.
Алтын жарым турдуң бүгүн өгөйлөп,
Айтчы жаным, ак жүзүңдү ким өпкөн?

Шек келтирип ушул мүнөттө,
Чокту салдың таза жүрөккө.
Өзүм сүйгөн жоодур көздөрүң,
Алмашылып калган бөлөккө.

Жамгыр төгөр, төгөр такыр басылбай,
Асман өңдүү бүркөлөрмүн ачылбай.
Нур элесиң жүрөгүмдү шыкаалап,
Токтоп турар жазылчу ырлар жазылбай.

Ортобузду бөлүп төрт мезгил,
Турмуш сага кебин кийгизген.
Өжөр тагдыр мага ыйгарбай,
Кайсы кызга сени сүйгүзгөн?

Оо, махабат, кызар кызыл манаттай,
Эндик кылып мен сүртүнүп алайын.
Мени сүйбөс, мага түшүнбөс жигиттин,
Жүрөгүнө өчпөс отун жагайын.

Капилеттен сендик тагдырдан
Бир жаңылсам жөлөп-таяба.
Сен аясаң ая башканы,
Оо, махабат мени аяба!

* * *

Жамгыр жаады, унутуп кой өткөндөрдү дегенсиң,
Жалгыз келем көлшал болуп ойлоп сенин элесиң.
Жаан жааганда кеттиң эле —
Жаан жааганда келерсиң?..
Жамгыр үнүн, жамгыр күүсүн,
Ажырагыс улук сүйүүм экендигин билээрсиң.

Таң калтырып ойго салды кебелбеген мүнөзүң,
Айтсаң боло күнөөм кайсы, неге минтип жүрөсүң?
Жаан жааганда кеткен элең —
Жаан жааганда келбедиң?
Санаа тартып жолдоруңду,
Канча күтөм билбедим...
Ишеничтен кеткем го деп, ойлоп көңүл кирдедим...

* * *

Келсең боло кетсин жүздөн капалык,
Бир жаздыкка башты коюп жаталык.

Же болбосо айыпкердей алдында,
Кетирдимби кечирилгис каталык?
Бир өмүргө бир гана ирет келүүчү,
Конгон бактын балын бирге таталык.
Жалынсак да, өкүнсөк да кайрылбас,
Ойноок кезде шат күлкүгө баталык.

Булбул болуп бутагыңа коноюн,
Жыттап канбас жыпарыңа тоёюн.
Жоодураган көздөрүңөн ыр издеп,
Жок дебейин айтканыңдай болоюн.
Кана тиктеп сүйүү толгон жүзүңдү,
Кумарлана кубанычка толоюн.
Кечикпечи, сен кечиксең келбейт деп,
Кейигенде, санаам сан да,оюм он...

* * *

Коркомун аябай сүйүштөн,
Өрттөнүп жалынсыз күйүштөн.
Андыктан көрүнбө көзүмө,
Алаксып калайын «көп иштен».
Жазыксыз күнөөнү көп үйүп,
Коркомун жаш алып жүрүштөн.
Эч кимге сүйлөбөй үңкүйүп,
Кур калып «менчиктүү үлүштөн».
Ичиңден атылып үшкүрүк,
Жазда да тоңдуруп үшүткөн.
Билемин эң күчтүү ал күйүт,
Далайлар зыркырап жүрүшкөн.
Андыктан көрүнбө көзүмө,
Коркомун мен сени сүйүштөн.
Коркомун торуңа түшүштөн,
Андыктан көрүнбө, көрүнбө!

* * *

Ай жүзүн жабаар акыркы жолу жарыгын төг
Кызыл Күн издээр, чыгарып алып, мажнун бо

Куушуп жүрүп жетишпей келген кылымдар бою,
Түндөсү — Айы, күндүзү — Күнү түгөтүп отун.

Мен азыр сага айталбайм досум, айталбайм азыр,
Ошондо неге чагылган болуп жалп этип өчкөм.
Жалындап күйгөн жаштыгым деле күнөөсүз эле,
Жалындан ээрип, жашымды тыйбай жамгырдай төккөм.

Сураба досум, мендеги алды — эңсөөдөн курган,
Жубатып көңүл, алагды кылар шербетти сунба.
Кызыл Күн — сенсиң алоолоп күйүп шооласын чачкан,
Мен — Аймын сенден жашырып жүзүм, парданы жапкан.

## ЖҮРӨГҮМ МУЗДАЙ БЕРЕТ

Сен таттуу уйкудасың —
Чырагың өчүп турат.
Мен — жамгыр шыкаалаган,
Сен жаткан терезени
Акырын тык-тык урам,
Ойготкум келип сени.
Жүзүңө тамгым келет
Музыка үнүн коштоп.
Жетпестен ээрип кеттим,
Бетиң чок, ысык оттон.
Койнунда кыпкызыл гүл,
Кучагын жайган кенен.
Болсо да кызыл гүлүң,
Башканын гүлүн неге,
Азгырып алгың келген?..

...Жүрөгүм муздай берет,
Мен сени көргөндө эле.

## КОЛУҢДУ СУНСАҢ

Айылга келдим, эрмегим менин,
Букет гүл кармап тосуп чыкпадың.
Жүрөктү бүтүн ээлеген демиң,
Эл тыңшап жүрүп, үнүң укпадым.

Жашымды төкпөйм асылым менин,
Төгүлүп бүткөн, баары кургаган.
Сүйүүбүз турат аягы бүтпөй,
Бүткөрбөй аны кай жан уурдаган?

Кош бол жан эркем, жылдызга кеттим,
Бийиктен сени издеп табайын.
Эңсеп бир жүргөн тилекке жеттим,
Колуңду сунсаң, тартып алайын.

* * *

Келдиң жаным, келдиң дагы,
Колдорумду кармадың.
Көзүң жанат, түнкү жылдыз,
Билдиң мага жагарың.
Бүгүн минтип ээн тамдабыз,
Сырдуу сөздөр бүтпөгөн.
Көздөрүбүз күйгөн жылдыз,
Таң атышын күтпөгөн.
Жалгыз өткөн түн өрттөнсүн.
Жары менен жатпаса.
Сүйүү деген -- келгин куштай
Учуп кетет бакпаса.
Күтөт сени үйүңдөгү
Өңү өчкөн көшөгө.
Сен кетесин, жалгыз калып,
Таңды күтөм көшөрө.
Сүйүү деген — бир жалбырттап,
Күйүп өтүү дүйнөдөн.

Теңир жалган бул өмүрдө,
Айрыбасын сүйгөндөн!

* * *

Көзүңдү, күлмүң этип жарык чачкан,
Кезинде жылдыз го деп аша чапкам.
А көрсө жөпжөнөкөй көздөр тура,
Болгону махабаттан жапа тарткан.

Мен азыр бир жигиттин бүлөсүмүн,
Кезинде так секирген элик элек.
Сен болсо бойдокчулук турмуш менен,
Алышып дагы деле жүрсөң керек...

## ЭЛЕГИЯ

Күйөөгө чыккым келет,
Апаппак көйнөк кийип,
Бетимден нур тамылжып,
Татына жигит сүйүп.
Саргайып бышкан күздө,
Жигиттин сырын билип,
Күйөөгө чыккым келет...

Күз сүйлөйт албууттана,
Париктер түшүп жерге:
— Жазында жашыл кийип,
Күйөөгө чыктың эле.
Айтасың уялбастан,
Тием деп да бир эрге.

Сары күз каарын төктү,
Жамгырлуу жашын төктү.

— Токточу кагылайын,
Сары күз ачууланбай.

Мен тийген ошол эрим,
Жерди эмес, карап көктү,
Бир эле мени сүйбөй
Далайдын бетин өптү.
Балдары мага чейин,
Меники, менден кийин
Төрөлгөн ар энеден
Томсоруп жетим калды.
Сары күз селт дей түштү,
Тып этип нөшөр токтоп:
— Ошол бир көк жал неме,
Сенин да эриң беле?
Мен аны каргап таштайм:
«Буту бар — мунжу болсун,
Көзү бар — сокур болсун!
Жан жери жансыз болсун,
Аялга баргыс болсун.
Оомийин, кабыл болсун!»

Алып кел ак көйнөгүң,
Шөкүлөң, сөйкөлөрүң,
Тагынгын, кийингин да,
Тартайын көшөгөңдү,
Балдарды кор кылбай бак,
Күйөөңдү сыйлай билгин,
Басынбай, бактыңды тап.

Алдамчы жигит сүйбөй,
Алтындан шакек кийбей;
Кайгыны такыр билбей,
Күйөөгө чыккым келет...

Саргайып бышкан күздө,
Бир жигит күлүп келет
Жакында — ушул күздө,
Чачылып тоюн берет...

* * *

Капыстан, агай, көргөндө мени,
Жүзүңүз неге албырып кетти.
Балбылдап жанып шамдай көзүңүз,
Кыялдуу тиктеп, сүйлөйсүз кепти.
Сүйкүмдүү ошол сөзүңүз айткан,
Көөдөндү тээп жүрөккө жетти.
Агайжан минтип убара кылба,
Айыпсыз жерден кызартып бетти...

* * *

Түн да узун, аран гана таң атты,
Жамгыр жаңы жааган кезде дыбырап.
Тагып алып эч кимде жок канатты,
Түштүк жакка учкум келди зымырап.

Аба таза. Жамгыр кетти жаңыртып
Куштар сайрайт, бирок ага кызыкпайм.
Кыялыма чырмалышкан бир элес,
Канткен менен жүрөгүмдү ысытпайт.

Заман сонун орундалып тилектер,
Сүйүшкөндү сүйгөнүнө жеткирген.
Көзүн таңып узатуучу күйөөгө
Ал заманда алда небак эскирген.

Алда кайдан ырдап жатты бир ырчы,
Жан кыйнаган махабаттын жалганын.
Көрсөтпөстөн көздөрүнө жаш алып,
Ал бир манжун ичке катты арманын...

* * *

Жаз алып, күүгүм талаш сизге келип,
Акырын терезени чертип турам.

Көрүнбөй карааныңыз бүлбүл этип,
Жел менен кошо келген шыбыр угам:

«Кечигип күүгүм талаш неге келдиң,
Үйүмдө коногум бар эрте келген.
О, небак отузунчу кышты кийип,
Мен азыр ашып өткөм бийик белден».

Жаз болуп жазда келсем, кышмын дейсиз,
Алгачкы алтын күздү кийбей туруп.
Көзүңүз анда неге тунук булак,
Багынтып бүт эркимди алган буруп.

Үйүмө атыңызды аба менен
Толтуруп жазам дагы эшик жабам.
Жаралган тагдырыма алымсынбай,
Термелип узун жолдо кетип барам.

* * *

Көзүмө жаш кылгырып,
Калтырып бүт ишимди.
Бүгүн мен эстеп турдум,
Бактылуу бир кишини.

Капкара карегиме,
Элесин тартып алгам.
Жолугуп капысынан,
Мен аны сүйүп калгам.

Көзүмдөн жаш тамчылап,
Унутуп бүт ишимди.
Мен бүгүн сүйүп турдум,
Балалуу бир кишини.

* * *

Сиз жөнүндө мага айтышат,
Мен жөнүндө сизге айтышат.
Чын сүйүүнүн нагыз кулу деп,
Экөөбүздү атап жатышат.

Махабаттан күйгөн алсыз кыз,
Ыр жазыптыр дешти сизге арнап.
Оттуу көзүм жайнай сабырсыз,
Сездирбестен турдум чычалап.

Кыжыр кайнайт, койчу — ишенбейм,
Чеп курсам да сизге өтө алгыс.
Курган чебим кылдай тоготпой,
Ыр жазган ал кандай өткүр кыз?

Ыр жазат деп угуп бирөөнү,
Кыйчалышып, өмүр-жашоом суз.
...Сураштырып жүрүп олтурсам,
Өзүм болуп чыктым ошол кыз.

## «АЙ ТУТУЛГАН ТҮН» СПЕКТАКЛИН КӨРҮП...

Таң Чолпон жарк деп, бүлдүрүп,
Кетериң кайдан билипмин.
Күйүтүн тартып жүрөмүн,
Күйдүрүп кеткен жигиттин.

Жазыксыз келин Диневар,
Элде жок бакыт сизде бар.
Бактымды сизге тарттырып,
Ыкшыган күйүт менде бар..

Баркы жок дешип айтышат,
Колдогу турган алтындын.

Баркына жете жүрсөңүз,
Мен жетпей калган бактымдын.

Күн нуруң төгөт калкыма,
Күнгөйгө тиккен өргөңүз.
Сүйүүгө арга жок тура,
Күнөөлөй мени көрбөңүз.

Бактылуу келин Диневар,
Батпады тийген күнүңүз.
Бактымды сизге тапшыргам,
Бапестеп алып жүрүңүз.

Жарыңыз болсо Акиегет,
Зубаржат менмин «белгисиз».
Боор ооруп эже Шапактай,
Же,
Бактымды кайрып берсеңиз.

## БАЛДАРЫМА ӨТКӨРДҮМ

Тез-тез кирет түшүмө,
Албууттанган балалык.
Көлмө үстүнөн секирип,
Жардан кетем куланып.

Айдай толгон кезимде.
Ай үстүн дебийлегем.
Күндөй толгон кезимде күн,
Күн үстүндө бийлегем.

Оюн салып кайкыган,
Чымчыктаймын дечү элем,
Чымчыкты да капаска,
Түшүрөрүн билбегем.

Жылаңайлак чок баскан,
Балалыктан өткөнмүн...
Сүйүү, жаштык, жыргалды,
балдарыма өткөрдүм.

* * *

Келдиңиз, чындап эле келдиңизби?
Жүргөндө көкүрөккө батпай кусам.
Тараза чарт жарылмак көтөрө албай,
Бүгүнкү кубанчымды салмактасам.
Сиз менен бирге олтуруп ушул түнү,
Мейли эртеңки түн каза тапсам...

* * *

Карегимде уйпаланат бир элес,
Түндү кантип жалгыз жатып өткөрөм.
Күлмүң этип эмеле гүл узаткан,
Жалжылдаган кара көздү жек көрөм.

Сизге жаным бүтүн бойдон берилген,
Сизди дедим, талкаладым бактымды.
Эси жоктук менче болор элирген,
Чоочун бактан жанга жыргал таптымбы?

Жалган сүйүп жарым менен жашабай,
Мүңгүрөгөн көз жашына карабай,
Чыгып кеткем эки кызым ээрчитип,
...Жылдыз учат көкүрөктү аралай.

Сүйөм сизди, сизди сүйөм бир гана,
Тагдырымдан сизди сурайм кеч келип.
Бүт барына кайыл болуп турмушта,
Сизди сүйгөн болбосо экен менчелик.

## ТЕРМЕЛЕБИЗ КЕМЕСИНДЕ КЫЯЛДЫН

Балдарымдын күлкүсүнөн жаралган,
Күн уялайт бир бурчунда уямдын.
Жөжөлөрүм колтугума пааналап,
Термелебиз кемесинде кыялдын.

Уктатамын бешик ырын созолоп --
Ыр жандуураак өсүшсүн деп ойлоном.
Гүлсаныма гүлдөн алып ат коюп,
Мээримиме мээрим төксүн деп койгом.

Баш калкалап ижарада жер тамда,
Убактылуу жашап коюп жүрөбүз,
Айды, Күндү кучагыма бек кысып,
Ырдап берем: «Биз бактылуу бүлөбүз».

Балдарымдын күлкүсүнөн жаралган,
Ай уялайт бир бурчунда уямдын.
Моюн сунбай тоскоолдукка күнүмдүк,
Термелебиз кемесинде кыялдын.

* * *

Агайжан айтпаңызчы барагой деп,
Кылчактап кетким келбей турган кезде.
Кыялкеч сезимимди ээликтирип,
Ыр жазып келдим эле бүгүн сизге.

Негедир унута албай ойлоп жатам,
Кол берип кош айтышкан кезиңизди.
Жылмайып жылуу гана бир караштa,
Дүрбөтүп жан дүйнөмдү кеттиңизби.

Таң калып табышмактуу жоругума,
Олтурам түгөнбөгөн ойго чөгүп.

Тентек кыз — тентектигиң, деген өңдүү,
Жүзүңүз от чачырайт сүйүү төгүп.

Агайжан айтпаңызчы барагой деп,
Кылчактап кетким келбей турган кезде.
Ғалпынган сезимимди энтиктирип,
Ырымды окуп берем ушул кечте...

* * *

Сен кеткен таштак жолго тигилем да,
Үмүттүү улутуна үйгө кирем.
Чачымдын тең жарымын кыроо басат,
Тунжурайм көз ачалбай, үшкүрүнөм:
Кашайтып эки көзгө чөптү салсаң,
Ээрчишип башка менен кетип калсаң,
Жашоодо жалындаган демим менен,
Кол шилтеп бир кайрылбай кетем дегем.

Каалганы каккылайбы кимдир бирөө,
Терезем чертилеби тык-тык этип.
Таш жолго тепселенген үмүтүмө,
Алданам, терезеге учуп жетип:
Адашып өмүрүмө келген кушум,
Азгырып өмүрүмдү кеткен кушум,
Суутуп илебиме сууну септиң,
Таптың да жылуу түнөк учуп кеттиң...

## ТӨРТ САПТАР

Сүйүү келди — жалындатып, мас кылып,
Өзгөрүлттү, мүрөк берди жаш кылып.
Унуткарып кайгы зарды, күтүүнү,
Сүйүү келди — энтиктирип, шаштырып.

* * *

Сүйүү кетти — өчөштүрүп кас кылып,
Шылдың кылды, дудук кылды каткырып.
Жылт-жулт этип сымап болуп, төгүлүп,
Сүйүү кетти — адаштырып, азгырып.

* * *

Бир муңайлуу нур жүзүнөн көрүнүп,
Бир кыз турат ойго чөгүп мөлтүрөп.
Ой-бой сүйүү, сулууларды мөгдөткөн,
Сенин демиң башкалардан күчтүүрөөк.

* * *

Чын жүрөктөн бүт турпаты берилип,
Жакшы дечи сүйүп калуу, жактыруу.
Бирок дагы мен билгенден бир мисал,
Сүйгөнүнө жетпей калган бактылуу.

* * *

Күйүп турган калемпирдей кезимде,
Көп жигиттин карегине катталгам.
Сурабачы канча жашка чыктың деп,
Паспортума эки сүрөт чапталган.

* * *

Билем-билем, азыр эле келесиң,
Күлүмсүрөп уяң салам бересиң.
Өзүң жактан жылып келип жылуулук,
Андан кийин ээрчип алат элесиң.

Нур эмессиң тээ бийиктен чагылган,
Дайра эмессиң толкун жирел агылган.
Көрүшкөндө бир жумада бир жолу
Сага теңдеш сөз табалбай кыйналам.

* * *

Түсүң супсак, таарынганың билдирип,
Оттой жанам күнөөлүүдөй алдында
Сен үйүмө адашкансып бир кирип,
Жаз гүлүндөй уйпаланып калдың да.

* * *

Гурмуш таттуу, кээде ачуу аралаш,
Калдым сага, калдым бүгүн байланып.
Экөөбүздү тагдыр кошкон күндө да,
Жамгыр төгөөр арты карга айланып...

Бекбосун Байтоков

# ДҮРБӨЛӨҢ



## ЖАЙЛООДО

Чалмага чалынган айгыр чакчарылып,
Көздөрүндө авария — асман-жер аңтарылып.
Карт букалар өкүрүп зоо түбүндө,
Мүйүздөрдөн вольттор учат карс сүзүшкө...

* * *

**Тагдырлар бар, бир өмүргө сыйбай турган,**
**Октой тийип, сынап өткөн жүрөк күчүн,**
**Мезгил өтпөйт, биз өтөбүз мезгилден,**
**Өзүмө айтам — жаратууга барбы күчүң.**

Өмүрлөр бар, сулуу көздөй жайнаган,
Ошол көздөр, булак көздөр кайнаган.
Суктанармын, обочолоп калганда
Таарынбай жараткандын жазмышына.

Бирок, билем өмүрлөрдөн башка өмүр бар,
Мыкчый кармап акыл эсти талкан кылаар.
Өз айлаңды таба албай турганыңда,
Үрөйүңдү учуруп кылыч сунаар.

Чакырып, сени эрксиз кармашууга,
Көөдөнүңдү бөлөп кетет жалынга.
Сага тийген канжар сынса бөлүнүп.
Анда сен болуп калдың бийик аска.

## ЛОРКАНЫН ӨЛҮМҮ

Матадор,

бычакты матыр —
корр!
Кызыл кан жая берип
Каркырайт
жүрөк —
мотор.
Лорканын тамыры басаңдоодо:
лок-лок-лок-лок...
лорк-лорк-лорк:
«Кош бол, каралуу
Испаниям!
Кош бол, фашисттик
карбюратор!»

* * *

Оо, Ата-Журтка кайткан түн! —
Дароо эле мүрзөлөргө кабылдым.
Жылдыздай жылт эткен тамчы жашым
Топурагына таами кетти бабалардын...

## ХОККЕЙ

Орустун тандалма баатырлары,
Муз үстүндө «салгылашып» жатышат.
Дал ушундай салгылашкан
Александр Невский!
Кылыч эмес, бирок коньки жаркырайт
Капкара чагылгандай бир жарк этип
Дарбазада чаяндай шайба жатат.
Профессионал иймек сабын көтөрсө кыжырданып,
Орус шыгы чиедей гүлдөп чыгат...

## «ТҮШ» ЦИКЛИНЕН
## ФАНТАСТИКАЛЫК ПЕЙЗАЖ

I

Ааламдын негизи бузулганбы
Асман күңгүрөп
Кыпкызыл Ай
Тоолордун аркасынан чыкты дагы.
Мурда болуп көрбөгөндөй ылдамдык менен
Күн батышка житип кетти.
Мен бешинчи кабаттын эң четки үйүндө
Жакындарым менен бул шумдукту жоруп жаттым.
Анам токтоолук менен: Кудай бар деп койду.
Асман кайрадап күңгүрөп
Кыпкызыл ай кайра чыкты
дарактардын кароолуна илинип
Реактивдүү тездик менен анан бат
Тегеренин сызып барат батышка
Тоолордун кыры менен дөңгөлөнүп.
Артында, ак жыландай түтүн из салып ийрелеңдейт,
Ай агарып жок болду, кичирейип
Мен түшөм дүрбөлөңгө
Бир укмуш болуучудай.
Ай огунан чыкканбы деп ойлодум.
Доордун да белгиси жок.
Күндүз да эмес, түн да эмес.

Микаланжелонун «Пиетасындай»
Жаратылыштын боёгу.
Белгисиз, назик траурдун музыкасы
Угулбаган, көзгө көрүнөт.
Тоолордун кырларында жансыз трубалар үйүлгөн,
Жерде да карарын темир-тезек чачылган.
Областтык аткаруу комитетинин председатели
айткансый:

«Буларды кантип аралап басып жүрөсүңөр»,
Сүрөт, кудум эле «Крокодил» журналындагыдай
Дүнүйө ушунчалык башкаруусуз.
Фантастикалык убакыт
Фантастикалык көрүнүш!
Караңгыда коркунучтуу өңү менен
Карбаластап бирөө үйүмө кирип келди
Бет жагы үңкүрдөй үңүрөйүп
Колдорун тарбайтат, суурчудай жүрөгүмдү.
Баштан ары коюп ийдим
Ал баш карарды ого бетер темирдей
Көчө, тамдын бурчу кинолента иңирдей.
Көрүп калдым жашырынган досторун
Андан ары ажырата алган жокмун өңдөрүн
Иңир турду дагы эле.
Көлөкөдөй сүрөттөр мени курчап кетишти
Чокмороктошкон көлөкөлөр койгулай жатышты
Өңдөрү жок, сөздөрү гана угулат
«Мунун өмүрү бар болгону 18 сом», деп бирөө
«Маскара» мен ичимден ызырындым
«Анан, эмне 18 сом үчүн өлтүрүп жатасыңар»
Каргыш тийген бул 18 деген, сан эмне менен
байланы

Айталы, 18 жаш,
18-жыл, Революция, Декрет жер жөнүндө
ИЛ-18
18-баш
Көрүп турасыздар, бул сандарга
Замана, адамдар да кирип кетет
Бирок мага эмне үчүн ушундай түштөр кирет?..

* * *

Дүнүйө ушунчалык жалган!
Өткөн эмне? Арзыбаган эч нерсе.

Көз алдымда уюлгуган ак туман,
Ар жагында периште бар калкыган.

А сулуулук — кол жетпеген бийиктик,
Өмүр бою өтөөр бизди көксөтүп,
Жетсең дагы тойбоссуң ач көздөнүп,
Же кетесин капысынан өрттөнүп...

## ТРОЛЛЕЙБУС АЙДАГАН КЫЗ

Тынч отуруп түйдөк түйбөс эч качан
Кыз —
Троллейбус айдаган.
Жашоонун зор майданына кириптир,
шым кийиптир.
Кыз —
Көз алдында проспект суналган,
жаан жууп жалтыраган.
Токтоочу жай — адамдардын
майрамы,
Аттанышып жатышкан же
чыгышкан.
Мына сизге кондитер, мына
галантерея, универ
Мына «Ак-куу»
Акырын, чочутпаңыз, тамгалары
учуп кетип жүрбөсүн кыйгуулап.
Жылмаят руль кармап отурганга —
кыз.
Троллейбус биринчи жолугушуудан,
Тердеп кеткен, айнектелген чекеси.
Жол уланат,
Токтоочу жай — адамдардын майрамы
ал кубанат —
кыз.

Жанында эски шофер жол көрсөткөн.
Ал, алдын алуу тиктейт,
Светофор күлүндөйт.
Кичинекей «Москвичтер» бипилдешип,
Салам сага, жүз салам дейт дикилдешип.
Чоң машинанын жанынан ойт беришип,
Бир кубанычты сезишет —

кыз.

Турмуш менен алгачкы жолугуушуун,
Ашпак тагдыр, ак сүйүүн —

кыз.

Жарданышып калышкан зор имараттар да,
Бирок алар москоол карайт
дүнүйөлүк закондордой
Бул өзү сөзсүз болчу нерсе го деп...

* * *

Көз отунду жалындатып тиктейсиң,
Мен асмандан жаңы гана түшкөндөй.
Таалайыңды же мен катып алгансып,
Көз албайсың, көз албайсың сүрөттөй.

Карап калсам, кайра мага күлөсүң,
Жакындасам, менден качып жөнөйсүң.
Эмне деген табышмагың бул өзү
Же чын эле бүгүн көктөн түштүмбү?..

## АК РОЗАЛАР

Ак розаларга кайрылып мындай дедим:
«Сүйкүмдүү менин карындаштарым
Силер неге турасыңар башыңарды түшүрүп муңайы
Суу да бергем ар таңда жылмайышып

Учурашчу жылуу өңүңөр кездердей
Бирок бүгүн жүрөгүмдү титиретти
Ошол эле розаларды тикенек
зымдар чырман муунтканы.
Менин сүйүктүү бир туугандарым
антифашисттер Чилидеги
Испаниядагы, Индонезиядагы
Жана башка жер шарынын
бурчтарындагы эркиндикти
сүйүүчүлөр.
Миллиондогон бир туугандарым
Сүйкүмдүү ак розаларым.
Күн көрбөй, аба жутпай
Жатасыңар зындандарда.
Бүгүн журналдан таап алдым
Светлин Русевдин «Стадион
Сант — Яго де Чили» деген сүрөтүн
Тикенек зымдарга чырмалышкан
Күнөөсүз адамдар
алаппак денелери ак розалардай соолуп жатат...

## НОКТЮРН

Түлөгөн электрдин жарыгында,
Анын жүзү перзенттей жапжаш эле.
Жарыктын ар жагында
Өлүк — түн.
Мага деңиз укмуштуудай көрүндү,
Көзлөрүңдүн капкара жаркырагы
Кирпиктери менен дем алып
Акырын жылып келаткандай таңыркашы.
Бул укмушка бир аз эле тийгенимде
Жапайы бир чөптүн жыты келип
Түрткөнсүдү таттуу уйкуга
Чарчап турган денемди.

Анан мен сезип турдум
Андан келген жылуулукту.
Жүрөктөрдүн кагышы астында
Түбөлүккө жанталашкан —
Эки дене, эки жүрөк
Эки тирүү көпөлөк
Биригишип түндө учушту көкөлөп.
Бардык кыргыздардын ичинен
Сүйгөн элем аны жалгыз.
Эми ал капкайдагы мээнеттерди
Башыма үйүп салып,
Өзү болсо куунап жүрөт.
Тилин сунат шылдыңкор
Денесин бултандатып,
«Тарарамды» ырдап өтөт.
О, курбулар, бул шайкелең немени
Жек көрүүгө даяр элем,
Бирок, баарын жууп кетет.
Анын бир болбогон балалыгы...

## АВТОМОБИЛДЕР

Жалгыздык — антеннасыз телевизор,
Туташпайсың аалам менен, кереги зор.
Көздөрүң антракттай каңгырап болбош
(Ал түгүл келбейт сага ревизор,)
Карегиңе автомобилдер толуп алган шагырашып
Автомобилдер, автомобилдер, автомобилдер!..

## СТУДЕНТТИН СҮЙҮҮСҮ

Көздөрүң — эки кайык, калкылдаган,
Капкара деңиз болуп жалтылдаган.
Заматта, айланкөчөк болуп кетти,

Элестетип антарылган велосипедди.
Дөңгөлөктүн зымдарындай зыңылдап,
Жүзүң жок, элесимде чыбырчыктап.
А сүйүүнүн кан агып тизесинен,
Жаш балача жыгылып ыйлап кетти.
Эх, бир кезде тээптирмин
велосипедди...

* * *

Аттар сырактап тебет автомобилдерди —
жол-жол...
Агарат алыскы туу чокулар —
мал-мол...
Көл шарпылдайт кочкул, кычкыл.
Асман зор орган-жылдыздар күү төгөт.
Асман түбөлүк ренессанс
Адам түбөлүк диссонанс
Жерге биз билбеген планеттин көлөкөсү түшкөнсүйт.
Жер үстүндө боло элек цивилизация кирет түшүмө.
Дүйнө чын, дүйнө жалган,
Барбы азыр Лемурия? —
кыйгач көздөр түзгөн империя.
Курмандыктар кудугуна думуктуруп
Канчалардын жанын алдың жинперия!
Бүгүн адамдар күнгө сыйынбайт.
Бүгүн кудай — бомба,
Кудай — чечилбеген проблема!
Ооба, менмин кешпир Квазимодо
Түкүргүлө мага —
Болом жалгыз.
Чөгүп бараткан кемедеги эр жүрөк матростой
тосом кыйроомду...

## ФОНТАНДАР

Талдар — айылдын фонтандары —
Фонтандарды кыйбагыла!

* * *

Чымчыктар фонтандарга конуп алган
Фонтандар — консерваториялар!

* * *

Фонтандар шаарларды атып жатат!..

* * *

Фонтандар шаардын ак ажыдаарлары
— Ажыдаарлар өздөрү кайда?
— Жашашат жомоктордо.
Жомоктор ажыдаарлардын коругу.

* * *

Фонтандар эркиндикти эңсеп жатып,
Сергитишет шаарларды.

* * *

Шаардын фонтандары — сулуу кыздары
Ырдашат, сүйүп бетон капчыгайларды.

* * *

Фонтандар зордукталып сулуу болгон...

## МУЗДАК ШААР

Кир баскан шаар.
Ылай, кечки, күзгү муздак.
Гүлзарлар, фонтан-теннис урган жаш кызды
үнүрөйгөн түнт аска унуттурат.
Алыскы эскерүүң да таттуу эмес,
Жай жылып иңирден парустай
агарып, бирөөнүн өңү — азбест.
Капкара көздөрү да күүгүмдөн чыгып келет
Күнүрт күйүп, кенчтей,
Эриндердин бурчтары биле элек эч нерсени
Ушул күүгүмдө жаңы эле төрөлгөндөй,
өтөт анан ал назик жан,
Портвейн жыттанган бир эрди колтуктап,
Түн дагы баркыттай виолончелдүү
кетип бара жатышынан
Күзгү, муздак, кир шаар салыңкы
Бир саамга жакшыраак боло түшөт,
Бар ээ деп ушул шаарда
Назик жан сүйкүмдүү.

## КҮНДҮ СҮЙГӨН СЕПИЛ

Чюрленстин күндү сүйгөн сепили,
Мезгил дымып, боштук жатат аңгырап.
Күнгө учуп бараткансыйт серп салып,
Булут көчүп, асман агат шаркырап.

Боорлорунда күндүн нуру чагылып,
Жаш бөбөктүн көзү уялган кыялы.
Дубалында күн бар, көк бар түбөлүк,
Ааламдын ачылышы алгачкы!

## ТАШТАР

Таштар, таштар — булактар катып калган
Булак болуп акпайсыңар кайрадан.
Силерди суу жууп жатат кайра эле.
Бир кезде өз боюңардан тамылган.

Ким өзүнүн туулган жерин унутсун
Суунун окшоп кареги — таштар карайт.
Өзүнүн денесинен өзүн берип,
Таштар гана түбөлүк акпай калат.

## КОЙ КАЙТАРГАН КАРЫШКЫР

Карышкыр койлорду кайтарып жүрөт
Жем-чөп берип багып жүрөт.
Карышкыр койлордун атынан сүйлөйт,
Кой кантип карышкырдын атынан сүйлөйт?
Ага ким ишенет.
Кой байкуш маарагандан башканы билбейт.
Койлорго макмал төр, жашыл шибер болсо болду
Трибунага чыкканда маарап коюп кайра түшүп
кетчү болду
Карышкыр болсо кой багуунун проблемасы
жөнүндө
Иттер менен полемикага чыгып,
Койдун чүйгүн этинен жеп, шорпосунан
ууртап отуруп,
Мындай деп фельетон жазды кезитке:
«Иттерди короодон четтетиш керек,
Антпесе койлорго чоң зыян келет».

## СУР АЙГЫР

*(Элдик мотивде)*

Таманы жерде тарсылдап,
Таскактаган Сур айгыр.

Кызыл жайлоо кырчылдап,
Турган кезде Сур айгыр
Машинеге кол салып,
Кажып ийген Сур айгыр.
Карагай тартып калтандап,
Тоодон түшкөн Сур айгыр.
Ошол тактай үй болуп,
Анда турам Сур айгыр.
Карышкырды калжайта,
Тээп кеткен Сур айгыр.
Калың жылкы башкарып,
Кадуулаган Сур айгыр.
Сыйлыгына эч нерсе,
Албай калган Сур айгыр.
Куйрук-жалы муз болуп,
Жаркыраган Сур айгыр.
Мекен жүгүн көтөрүп,
Жүрүп турган Сур айгыр.
Топуракты тос кылып,
Тоодой болгон Сур айгыр.
Мингенде баш айланып,
Зоодой болгон Сур айгыр.
Сен өлгөндө колхозуң,
Аңгырады Сур айгыр.
Кайда калды сөөгүң,
Шаңгыраган Сур айгыр?!

* * *

Ыр жазам деп отурганда,
Ак баракка
Мурдуман кан тамды.
(Кечир, каңылжаарым,
Сен үчүн поэзиядан өч алсамбы?!.)
Кечир кан,
Сен тамсаң да ыр тамбады...

## МАЗМУНУ

### М. Алиев «МАРТ — ЖАЗДЫН АЙЫ»


«Бир кезги мектеп жолунда»
Дарыя жана адам
Жан тынчтыгын асырап
«Гөроокатка күйүнгөн»
Шамал күндүн кадыры.
«Чал-кемпир карегинде».
Жазда.
«Жаздын күнү — жаш бала»
«Кызыл-тазыл гүлгө оронуп жайыктар».
Балалык.
Март айы.
Күнүмдүктүн көйгөйүн.
«Көз жаш өтөт, кышың өтөт бел ашып».
Дарак ыры.
«Кан дүргүп жүрсө денеде».
Шамал жөнүндө ой-толгоо.
«Дайрадай бойлоп өзөндү».
Көлөкө жөнүндө бир ыр.
Асанкайгы жана сен.
«Жылаажын аяр үнүңдө».
«Менин дилим издеп көктөн арзууну».
«Кызгалдак толгон ыран».
Тилек.
«Көз жашка толгон жээктен».
«Жоголгонмун, шамалга өтүп аркырап».
Үй жана кемпир.
Кеч күздө.
«Турмуш — тулга»
Элди, жерди алкайсың.
Күндөн өйдө көпөлөк.

4
5
6
7
8
8
10
10
10
11
12
12
13
13
14
14
15
16
17
19
19
20
20
21
21
22
22
23
23
24

**Б. Карагулова «КЫЯЛ КЕМЕСИ»**


«Жазды тосуп жылуу жааган жамгырда».

Сен жетишпей турасың.

Жаа, жаа, жамгыр!.

Ата-Журтка.

Ленин мээрими.

Комсомолдук жүрөк.

Айтып берчи атам жөнүндө.

Жакшы көрөм айлуу түндөрдү.

«Дүрт этип отко түштү».

Махабатка кабылганда.

Коштошуп койдум беле курган жаным.

Келгин жигит.

Өңөрүп кет канатына — Көлүнө.

«Айдайымсың, а бирок Ай эмессиң».

О, махабат, мени аяба!.

«Жамгыр жаады, унутуп кой».

«Келсең боло кетсин жүздөн капалык».

«Коркомун аябай сүйүштөн».

«Ай жүзүн жабар акыркы жолу».

Жүрөгүм муздай берет.

Колуңду сунсаң.

«Келдиң жаным, келдиң дагы».

«Көзүңдү күлмүң этип жарык чачкан».

Элегия.

«Капыстан, агай көргөндө мени».

«Түн да узун, араң гана таң атты».

«Жаз алып күүгүм талаш».

«Көзүмө жаш кылгырып».

«Сиз жөнүндө мага айтышат».

«Ай тутулган түн» спектаклин көрүп.

Балдарыма өткөрдүм.

«Келдиңиз чындап эле келдиңизби?».

Карегимде уктайт бир элес.

Термелебиз кемесинде кыялдын.

«Агайжан айтпаңызчы барагой деп».

«Сен кеткен таштак жолго тигилем да».

Төрт саптар.


**Б. Байтоков «ДҮРБӨЛӨҢ»**


Жайлоодо.

«Тагдыр бар, бир өмүргө сыйбай турган».

Лорканын өлүмү.

«Оо, Ата-Журтка кайткан түн».
Хоккей. . . . . . . . . . . . . .
«Түш» циклинен фантастикалык пейзаж.
«Дүйнө ушунчалык жалган». . . . .
Троллейбус айдаган кыз. . . . . .
«Көз отунду жалындатып тиктейсиң». .
Ак розалар. . . . . . . . . . .
Ноктюрн. . . . . . . . . . . . .
Автомобилдер. . . . . . . . . . .
Студенттин сүйүүсү. . . . . . . .
«Аттар сырактап тебет автомобилдерди».
Фонтандар. . . . . . . . . . . . .
Муздак шаар. . . . . . . . .
Күндү сүйгөн сепил. . . . . .
Таштар. . . . . . . . .
Кой кайтарган карышкыр. . .
Сур айгыр. . . . . . . .
«Ыр жазам деп отурганда». .

*Серия «Голоса молодых»*
*Выходит с 1972 года*

ЛИТЕРАТУРНО-ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ИЗДАНИЕ

Алиев Манап
**Март — весенний месяц**

Карагулова Бурулкан

**Раздумья**

Байтоков Бекбосун

**Беспокойство**

Стихи

Для юношества

Художники Жайчибеков Б., Бадахшанова А.

Издательство «Адабият»

На киргизском языке

КӨРКӨМ АДАБИЯТ КИТЕБИ

Алиев Манап

**(Март — жаздын айы).**

Карагулова Бурулкан

**Кыял кемеси**

Байтоков Бекбосун

**Дүрбөлөң**

Ырлар

ИБ № 160

Редактору К. Жаманкулов
Сүрөт редактору Б. Жайчибеков
Тех. редакторлору К. Бурганакова Ж. Сооронкулова
Корректору Ш. Жунусова

Терүүгө 24. 11. 1989-ж. берилди. Басууга 24. 04. 1990 ж. кол коюлду.
Кагазы типографская № 1. Адабият арипи, жеңекей ыкма менен басылды.
Форматы 70×90 1/32. 2,125 физ. басма табак, 2,49 шарттуу басма табак.
2,75 учеттук табак. 2,71 боёк түшүрүү. Тиражы 1000. Заказ № 3. Баасы 30 т.

«Адабият» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

«Периодика» өндүрүштүк өнөр жай бирикмеси.
720000, Фрунзе шаары, Дзержин бульвары, 45.

«ЖАШТАРДЫН ҮНҮ»
1972-ЖЫЛДАН
БАШТАП ЧЫГЫП
КЕЛЕТАТ.

Манап Алиев

# МАРТ — ЖАЗДЫН АЙЫ

Бурулкан Карагулова

# КЫЯЛ КЕМЕСИ

Бекбосун Байтоков

# ДҮРБӨЛӨҢ

ЫРЛАР

Фрунзе
«Адабият»
1989

ББК 84 Ки 7-5
А 50

Жаштар үчүн

Алиев Манап. Март — жаздын айы; Карагулова
А 50 Бурулкан. Кыял кемеси; Байтоков Бекбосун. Дүрбөлөң: Ырлар (Сүрөтчүсү Б. Жайчыбеков, А. Бадахшанова. — Ф.: Адабият, 1989. — 68 б. — (Жаштардын үнү).

ISBN5-660-00018-5

Китепке үч автордун алгачкы жыйнактары бириктирилди. Мурда ушул эле «Жаштар үнү» сериясы «Мектеп» басмасынан өз-өзүнчө китеп болуп чыгып келгени белгилүү.

Авторлор бири-биринен ырларынын тематикасы, жазуу манералары менен айырмаланат.

В книгу включены первые сборники, составленные тремя молодыми авторами, из серии, «Голоса молодых».

Стихи авторов различны по тематике, по стилю.

А $\frac{4803300200-108}{М 455 (11)-89}$ 157.89 ББК 84 Ки 7—5

ISBN5-660-00018-5

© «Адабият» басмасы, 1989-ж.

Манап Алиев

# МАРТ — ЖАЗДЫН АЙЫ



* * *

Бир кезги мектеп жолунда
куюлгуп дүйнө куюлгуп,
Турчу эле менин оюмда
күлгүн жаш жаркын туюлуп.

Анан да кайрык обонду
кайрып ырдап санадар,—
Эсиме салып турушчу
жол бойлоп өскөн дарактар.

Кайда эми, кайда ал учур —
күлгүн жаш, жаркып туюлган?
Кайда анан, кайда ошол ыр —
кайрыгы мага угулган?

Кайда деп аны сурасам
соодагер-алып сатаардан:
«Изде .— дейт — эпчил, элпексип.
соодасы жүргөн базардан».

Кайда деп аны сурасам
мээнеткеч баба дыйкандан:
«Эмгектен... келет акыры
жаз менен жаркып кайрадан».

Соодагер кызып соодада
бактысын издейт базардан...

Дыйкандын түшүп жолуна
мен кеттим жүрүп азандан...

Мынакей менин жолумда
күлгүн жаш, дүйнө куюлгуп.
Дарактар ыры, кайрыгы
дагы да турат угулуп...

## ДАРЫЯ ЖАНА АДАМ

1

Кайдан билсин дарыя, кайдан гана:
«буудай-көлү» толкуп үйүрүп жайыкта
толкуп анын деминен
жайкалышын бу мына?!

Кайдан сезсин дарыя, кайдан гана:
түндө жаркып жылдыз түшүп койнуна
аян көрктү баян этип --
жыбырашын бу мына?!

2

Сан ойго батып жалгыз
өмүргө түйшүк артып,
узартып жолун салып,
өчүрбөй отун жагып
сактанып бир-биринен
колуна курал алып...
дарыя-агын суунун
туйлаган агымын да,
Умтулуп кетип алга
жашаган заманын да
өткөндөн өрнөк алып
өткөргөн тарыхын да,

сүйүүнүн өзөктөгү
өрттөгөн жалынын да,
билген бир бу жарыкта
жандуудан Адам гана!
Алибетте, Адам да
сыймык ага,
урмат ага,
улуулукка үндөп ана
чакырган акылына.

3

Бирок гана...
адамдагы айбандыкка, наадандыкка жеңдирбей,
Адам менен дүргүп аккан Дарыя
калуу керек Күн алдында дайыма:
Тирүүлүктүн бир милдетин аткарып,
Жер көрктөнтүп, Жер жашартып
түбөлүккө шаттанып.

## ЖАН ТЫНЧТЫГЫН АСЫРАП...

Бейпилдик, жан тынчтыгын
асырап алгың келип,
турмушка тике багып
тик жара салгың келип,
жашаган кенен бөлмөң
кыймылга толгон көчөң —
дайыма тарыгансып
жүгүрүп кеткиң келет:
көз көргүс, кулак уккус
кайдадыр алыс жакка...

Кыймылда табаарыңды
сен күткөн жан тынчтыгын

күн мурун билсең дагы
бирок да билдиң бекен?!
Кагышы жүрөгүңдүн
табышсыз токтоп акыр
бейпилдик, жан тынчтыгын
түбөлүк алаарыңды:
анда сен түбөлүккө
тынчтыкта калаарыңды.

Сен күткөн жан тынчтыгы
жок такыр тирүүлүктө,
турба сен күтүп, издеп
келген бир өмүрүңдө.

Гөроокатка күйүнгөн
издеп, ойлоп пайданы
киреңеге сүйүнгөн
ой жүгүртүп турмушка
кээ бирөөнүн айтканы:
«Бала... бала... бала, — деп
баланын иши чала, — деп
иш тапшырып аларга
башкөз болуп кара...» — деп.

Жамандыкка ташты да
кара санап, кыйбаган,
чындык үчүн чыркырап
жүрөк канап ыйлаган —
ой жүгүртүп турмушка
кээ бирөөнүн айтканы:
«Калп сүйлөөгө көндүрөөр...
гөроокатка өтөлек
балдар ою таза, — деп,
үлгү болбой өстүрсөк
акыр тийээр жаза...» — деп.

## ШАМАЛ КҮНДҮН КАДЫРЫ

Тотуктуруп адамдардын жүздөрүн... өткөн шамал
Желпиндирип канаттуулар канаттарын... желпкен шамал
Үйлөп, чачып гаакымдар,
чөптөр жытын
алып жортуп
күндү күндөй
түндү түндөй
билбей жүрүп.
Дарактардын мөмөсүн... күүгөн шамал,
Шамал... шамал... шамал дешип адамдар
жашоодогу күнөөсүн
ойлоп, көрүп шамалдан
айтат алар:
Ачык жерде үйлөп отун өчүрөөр... бул да шамал.

Ченелбеген Шамал, Күндүн кадырын
сезип учуп топ куштар,
сезип өсүп чөптөр менен дарактар
бирок гана алар сезбейт
Жерге ээлик жасашканын адамдар!
Гүлдүү жерди чөлгө айлантып,
чөлдүү жерди гүлгө айлантып
жашашканын,
өмүр азын
билип туруп адамдар
бирок гана сезээр бекен —
Ченелбеген Шамал Күндүн кадырын
сезишкендей топ куштар,
сезишкендей чөптөр менен дарактар?!

*

Чал-кемпир карегинде
көз жаштан электенип

тарып аздап тар бөлмө
тарып барат
бүткүл тарап...
жүрөк канап:
«Атаганат, атагана!
Көөдөгүм, тумшуксузум
кеттиң – деп – эрте жайрап...»
Айтылган апап ушу
аргасыз үн угулат.

Баары турат
бардыгы эле:
Короо-жайы, малы-жаны,
ээликтеген там-ташы,
тилсиздикте тунжураган
төбөдөгү Күн дагы,
жакшылыкта, жамандыкта
бирге болгон эл дагы —
бардыгы эле анакей
баары турат.

Бирок гана,
жөлөк деп арыганда,
тирек деп карыганда
чал-кемпир баккан чүрпө
тилек кайда –
кечээги эле ойноп жүргөн
эл кенчи эрке бала?
Тилек калды...
Анын ордун
айрылуунун ызгаар кышы
бороон уруп ышкырып ээлеп алды:
ээлеп калды:
өлүм деген оён чыгып
ойрон кылып жаш жанды.

## ЖАЗДА

Жаз жаңырып келгенде
жашыл түсүн бергенде,
Өрттөй алоо-кыпкызыл
кызгалдагын тергенде:

Булбул үндөп сайрашы
жанга жагым угулуп,
Толкуп гүлдөр жайнашы
өрткө айланып — туюлуп.

Көңүл сүйүп карадым
табиятты кубулган.
Тирүүлүктү алкадым
тузун татып буюрган...

* * *

Жаздын күнү — жаш бала
жаш агызып ыйлаган —
өткүн өтсө сукттанычч
жүрөгүндө туйлаган.

Мөлтүр тамчы чөптөгү
бар дүйнөсүн сүйгүзүп,
көңүлдөгү өртүңдү
тутандырып күйгүзүп.

Дарыянын агымы
киргилденсе кеч менен...
ой-санаанды туткундап
аруулантат жаз деген.

* * *

Кызыл-тазыл гүлгө оронуп жайыктар
Желпинишсе жел барынан сыдырым.

Ай талаанын кан тамыры — арыктар
Айтып бүтпөй жай барынан шылдырын,

Сансыз үндөр Күн барынан кубулжуп,
Шамал туйлап Жер барынан уюлгуп.
Бир өмүрдүн таттуулугун билгизет,
Асан-үсөн ана түшсө куюлгуп.

Жаша өмүр, жаша дагы сулуулук!
Дилде сырың дилдиретип «ийиткен»,
Мен өмүргө конок экем, бир азга,
Өскөн өлкөм дагы-дагы бийиктен!

* * *

## БАЛАЛЫК

Жайыкта өскөн жайкалып
жоогазын болуп көрүнүп —
жан дүйнөм өрттөп балалык
кеттиң сен неге бөлүнүп?!

Жолуксак түштө биз эгер,
пендедей күлүп басмарлап:
«Сураба, кана?.. кана?..— деп
дымагың жүргөн кастарлап».

Пенденин сөзү белгилүү...
өлгөндөн алып жыртышты.
Ээликтеп эбак алышкан
ал эмес Жерди кыртышты.

Жабыгуум... жануум... бир гана
энчиме тийип өмүрдөн,
бир жолку көргөн түшүмдөй
калдың сен чыкпай көңүлдөн.

## МАРТ АЙЫ

Март айы — жаздын айы
жаңырып келип жаңы,
толкуну жазгы маанай
толкутуп берип аны:
Жер койну жалгыз гана
өткөндүн изин катпай...
жашырып кыштан ызгаар
жашоонун демин жазгы,
бүтпөгөн тирүүлүккө
ышкынды анан дагы
аздектеп каткандыгын,
асырап жазга чейин
алдейлеп жаткандыгын.
Март айы — жаздын жайы
айтат бу, айтат сага
чөп менен алып чыгып
жашоонун демин жазгы...

* * *

Күнүмдүктүн көйгөйүн
күндө көрүп түйшөлүп,
Түшүн жоруйт ар пенде
окшошпогон түш көрүп:

...бири жоруйт санаркап:
— Эң башкысы бу күндө
Жерде тынчтык болсун,— деп —
айланып учкан ак кептер
ар бир үйгө консун — деп

...бири жоруйт жалаңдап:
— Эки жерде эки төрт
төрттү беш кылып алсам — деп
пайдасы тиер адамга
баш урунуп жаксам, — деп.

Түшүн жоруйт ар пенде:
Күнүмдүктүн көйгөйүн
күндө көрүп түйшөлүп,
Эмне ойлосо өңүндө —
дал ошону түш көрүп.

* * *

«Көз жаш өтөт, кышың өтөт бел ашып
кайгың кетет уулап денең зил чачып»
деп айтылган эл сөзүндө калет жок
байчечекей жүз көрсөтөөр гүл ачып,

Байчечекей жүз көрсөтөөр гүл ачып,
тирүүлөрдүн аз өмүрүн кубантып.
Табияттын төрт мезгили-төрт башка:
Бири кетсе, бири турат улантып.

Ырас, жашоо ыгына алып бардыгын,
жалган-жашык сөз сүйлөөгө көндүрөт.
Тирүүлүктүн шарпасынан каадасы —
ай, ошондон, миң бир эсе көбүрөөк.

## ДАРАК ЫРЫ

Бүдөмүк мага бүдөмүк. —
кандай күн күтүп астында?
Ыгына өтүп турмуштун
«дос» дедим күлүп касты да:

Саябан болуп, сап болдум
балтанын досу керкиге...
турмуштай тажаал жок экен
койбогон сенин эркиңе...

Аптап бар жайда муунаган,
чилде бар кышта зуулаган.

Кемелге жетпей чырпыгым
канчасы көктөй куураган.

Канимет айтып күн өтсө,
бариктерим күзгө тонотуп,
жашадым чачып өмүрдү
пайдасыз ишке коротуп...

Бүдөмүк мага, бүдөмүк —
кандай күн күтүп астыда?
Ыгына өтүп турмуштун —
«дос» дедим күлүп касты да.

* * *

Кан дүргүп жүрсө денеде
тирүүлүк демин — өрт сезип,
аяздан коргоп тукумун
куш кетет учуп — жер кезип...

Балталап кыйба, дарагын!
Кайткан куш консун уялап,
өзгө эмес уулуң утурлап
кубанып тоссун ураалап!

Дарагын өстүр, дарагын —
өмүрдүн демин өрт сезип,
аткарып жашоо мыйзамын
кетсе да куштар жер кезип...

## ШАМАЛ ЖӨНҮНДӨ ОЙ-ТОЛГОО

Желпинип, желип тынчыбай
Жердеги жүргөн шамалдын —

туйсаңчы адам, туйсаңчы —
жөрөлгө, жөнүн, сабагын:

каадасы, ырым-жырымы —
турмушту ар кыл чаргыткан,
кудайы, пири жок туруп
келмесин айтып айбыккан.

Аркырап бүткүл аймакта
чек коюп Жерди бөлбөстөн:
Эркинче дуулап күн көрүп
түбөлүк калган өлбөстөн —
тыңшачы адам, тыңшачы —
шамалдын үнүн сен мына:
Жер-Эне мекен экенин
жалпыга зуулап айткансыйт,
жетээр деп үнүм адамга
удургуп, улуп жаткансыйт.

Шамалдын ушу сабагын
туюнуп, туюп эрте бу,
куралын топтоп жулкунбай...
колунда турган мезгилдин

акылга салып ыргагым —
уксаңчы адам уксаңчы —
миң жылдап кетип алдыга
келечек күндүн ырларын.

* * *

— Дайрадай бойлоп өзөндү
кетсе өмүр, кетсе «деңизге»
Оо, акын, арнап эмнени —
эмнени жаздың, сен бизге

— Турганын жаздым түбөлүк
кебелбей тоолор, кебелбей,
кеменгер ойго гөроокат
келгенин жаздым
теңелбей:
Тиреги, элдин тилеги —
Манастын барын көрө албай,
Абыке, Көбөш ич тарып
колунан келсе дүйнөнү
салгысы келген аҥтарып,
сан кылым жүрүп сапарда
бүгүн да жашап катарда...

— Турганын жаздым түбөлүк
кебелбей тоолор кебелбей
кеменгер ойго гөроокат
келгенин жаздым теңелбей...

## КӨЛӨКӨ ЖӨНҮНДӨ БИР ЫР

Айланып жалпы кенчке
көлөкө төрөп берген —
Күн нуру орток бизге...

Бирок да Жер үстүнө
куралдын көлөкөсү түшүп дале,
дагы деле
мылтыктын атылганын кулак чалып, кулак угат...
согушчан сендей эле, мендей эле:
бала сүйүп,
жарын сүйүп
жашоодон аша тоюп кечпей эле
коңушу, чектеш болуп анан да жашап турат.

Жашоонун жакшы жагы:
Жерден деле түшүп Айга көлөкө
он беши — айлуу, он беши — айсыз

бу мынакей биз жашаган бир айдан...
«Биз дем алып бир абасын —
бир кендиктин, бир жайдын
турабыз!»— деп адамдар
курал-жарак көлөкөсүн кайып кылып жоготуп
Айсыз түнгө өткөрүп бериш үчүн:
«Күндүн нуру — куралга эмес, чөпкө керек!— деп айтып
Күндүн нуру — куралга эмес, талга керек!— деп айтып
Күндүн нуру — куралга эмес, элге керек!— деп айтып
тынчтык үчүн чыгуу керек күрөшкө!
Бир убакта түп көтөрө бир добушта үн салып,
согушчандын тилегин таш каптырып,
жашообузду Күн алдында жараткан
табияттын дал өзүнөн үлгү алып.

## АСАНКАЙГЫ ЖАНА СЕН

Жашоо деп тамак наркын,
кийген кийим анын баасын,
айтышып колундагы
байлыктын кадыр-баркын,
сүйлөшүп турган тиги
сөздөрүн адамдардын
жанбоорум, укканында:
«Канча — деп — баасы мына —
дарыя, бу талаанын,
анан да чака — пулсуз
дем алчу бул абанын?»

«Канча — деп — баасы анан,
асманда Айдын дагы,
жалпыга тегиз тийип
турган бу Күндүн дагы?»

«Канча — деп — баасы канча. —
жымырап көлгө түшчүү
эки жаш энчилешип
тымызын бакыт күтчүү:

Түн көркү жыбырашкан
көктөгү жылдыздардын?»
«Канча — деп — баасы канча?..»
Түйшөлүп, түйшүктөнүп
санаркап анан турбай
эстегин, дайым эсте!
Толгонуп миңдин бири —
турганын Асанкайгы:
Чөп, дарак жакуулуктун
жана да адамзаттын —
тагдыры, келечеги
тогошуп кандай күнгө
бүгүнкүдөн эртеңкиси
калат деп кайсы күндө?!
Турганын ойлон дагы
айткын сен, айткын салам
сүйлөшүп турган ана
жанагы адамдарга!
Түшүнбөй саламыңды:
«сообу» деп дени тиги
пенденин бар күлөөрү...
Түшүнүп саламыңды
боорундай көрүп сени
айтаар бу Асанкайгы
дилинден түйшөлдүрүп
толгонтуп турган ойду:

«Байлыктын баасын айтпай
тирүүлүк баркын айтып,
сүйлөшөөр учур бизге
келгенин адам уулу
дайыма билели!»— деп,
«Өмүргө келип ыйлап,
өмүрдөн кетпей уктап
адамдын атын улуу
өзөктөн оргуштатып
өзгөнүн күлкүсүнөн

дайыма сезели!» — деп,
айтат ал, айтат сага,
сен айткын саламыңды
тартынбай жолукканга!

* * *

Жылаажын аяр үнүндө
өткөндү мага баяндап.
Жаркыным түшкө кирсенчи,
жаркып бир аруу аяндап.

Турмуштун жөнү башка экен,
жаштыкта билбес кадырын...
Өмүрдүн арты кайгы экен, —
өлүмү ээрчип акырын...

Өрт чалган кызыл күүгүмдө
өткөнгө кайра жол улап,
Жаркыным дагы чыксаңчы,
жароокер күлүп жоодурап.

Жаркыным азыр кайдасың? -
Жалынга салып дүйнөмдү.
Кайырып алсам эмине,
кайрылгыс кайып күндөрдү?!

* * *

Менин дилим издеп көктөн арзууну,
сенин дилиң издеп Жерден арзууну
кеткен элек эки башка жолдо биз
медер тутуп жомоктогу «ак кууну».
сен таба көр, мен таппадым ал кууну.

Жолугушпай калсак эмне ошондо?
Тузун татпай бир убакта бир жердин.
Көңүл — демин аруулантып дилинде
сен түшүнө кирдиң экен кимдердин?
Болгун эсен, болсоң дагы кай жерде.

* * *

Кызгалдак голгон кыраң
кез эле толукшуган:
Таң менен шүүдүрүмгө
аруулап таажы жууган —
кез кайда, учур кайда
калабы ашпай кырдан?!

Кыялкеч — жакшына үмүт
жерде атчан желип келген:
Ал кезги сени, мени
бир үйгө алып кирген —
кез кайда, учур кайда
чыгабы эми дилден?!

## ТИЛЕК

Чыныгы ырды, кайрыкты
көңүлүм күсөп сагынып:
Таппадым... ошол ыргакты...
жабыркап ойго сабылып.

Өмүргө өбөк бу тоолор
андайда турган дем берип:
Көркүнө тоонун толукшуп
толкудум көлдөй-о, эргип.

Оо, тагдыр мейли таппайын
Көксөгөн көңүл ыргагын,

башкага тагдыр буюруп
жазсын ал турмуш ырларын!

* * *

Көз жашка толгон жээктен
көз жумуп ўзап, сен сүзүп —
«кеткен соң»... жетип баркыңа:
Мүрзөңө койдук гүл үзүп...

Мүрзөңө койдук гүл үзүп...
Муңканып булбул сайраса,
өз атын коргоп ырларың
түркүн түс гүлдөй жайнаса...

Даңкты ойлоп, күтүп издебей
кыргызды сүйүп сыйлаган
ырларың калып,
өзүң жок
жоктошуп бүгүн ыйлаган.

Даңк деген ушул, даңк беле?!
Көз жумуп, узап сен сүзүп
жээктен узап кеткен соң
дарбыдык жазгы гүлдү үзүп...

* * *

Жоголгомун... шамалга өтүп аркырап,
жоголгомун... дайрага өтүп шаркырап
жолугууга эгер издеп сен чыксаң:
Балыр басып, бака чардап сайраган —
мени издебе көлмөлөрдөн «камалган»...

Изде мени, күкүктөнүп таңды кеч
тыным алоай дүргүп аккан дайрадан,

изде, дагы мени издегин шамалдан:
Таш мелтиреп мерез болуп түбөлүк
туюп-укпай шамал ырын ырдаган...
тирүүлүктүн жалгыз ырын жаныртып
акыр тапкан эгин өскөн талаадан —
изде мени шамал менен дайрадан.

Гүл кучактап жылма күлүп тоспостон...
оргу-баргы шамал болуп аркырап,
жолу катуу дайра болуп шаркырап,
бар дүйнөмдү сага ыйгарып тартуулап
тосуп чыгам, эгер, издеп сен чыксаң.

## ҮЙ ЖАНА КЕМПИР

Көп жыл бою калган үйдү кароосуз
Ой токтотуп карап туруп көңүл суз:
Ушул өмүр үйдөй белем, үй беле.
Мезгил кажып, белги салып аёосуз.

Кунар кеткен кары көздөй нуру өчүп,
Аңгырашып терезе, эшик телмирген,
Балдар кайда барбалактап жүгүрүп
Эшик бербей тең жарышып, тең кирген?

Ушул үйгө аппак үйлөр катарлаш
Балдар ойноп бала менен балкыган.
Жүрөт мында жалгыз эне таякчан
«Согуш» десе денеси үркүп жалкыган.

## КЕЧ КҮЗДӨ

Кыроо басат ой-талааны таңкысын
Короолордо кыштык отун кыйылган.
Теребелди боштук ээлеп — аңгырап
Чөңөр калып, чөп орулуп жыйылган.

Жарашыктуу жаңы бүткөн тамдар бу
Сыны сынга толуп - толуп жымыйган.
Эрингендей карайт көктөн Күн өзү
Нуру кеткен көз өңдөнүп кылыйган.

«Дүр-р» деп учуп перенделер аңызга
Топ-топ болуп жем издөөгө жыйылган,
Түнү бою кыроо басып-чыйрыккан
Талды көрөм Күн нуруна жылынган.

**«ТУРМУШ—ТУЛГА»**

Сындап койгон ооз айыбың тарттырып,
дайым тулга муктаждыгын арттырып,
«турмуш — тулга» түбөлүккө көө кийип
турат сага рамазан айттырып.

«Турмуш — тулга» пайгамбарың баш кылы
улгайганды керектесе жаш кылып...
жакшылыкка — жаның курман, мейли эле,
жамандыкка — күштөбөсүн, маш кылып?!

Сындап койгон ооз айыбың тарттырып,
дайым пулга муктаждыгың арттырып
«турмуш-тулга» түбөлүккө мойнунда
турат сага «бисмилласын» айттырып.

**ЭЛДИ, ЖЕРДИ АЛКАЙСЫҢ**

Дүйнө татаал... көзүң нурсуз тунарып
бу жашоонун издеп, издеп жүйөсүн
көсөө эмес... чокту шилеп жалындап,
колун эмес бутка чейин күйөсүн.

Күүгүм турса, көздөрүңдү ээлеген
жакшылыкты элден, гана издейсиң,

колдоруң шал... оюң жетип турса да
өзүңдү эмес өзгөлөрдү «сиз» дейсиң.

Жашыл түскө көңүлүңдү алдайсың
Кээде өзүңдү алдаганда кунарсыз,
анан элди, анан жерди алкайсың
тилсиз, дилсиз сен калчуудай буларсыз.

## КҮНДӨН ӨЙДӨ КӨКӨЛӨП...

Тике карап тигилген,
көр оокатка илинген
кыңыр иши кара өзгөй:
мезгил өтүп билинген
жашоо жөнү жөн салды
түшүң эмес жоруган.
өз пайдасын көздөшүп;
аны куулар тооруган,
бирок, бакыт, эл үчүн
бар адамдар «ооруган»!

Алар жашайт катарда
элдин кушун бөпөлөп,
күнүмдүккө кул болбой
күндөн өйдө көкөлөп...

Бурулкан Карагулова

# КЫЯЛ КЕМЕСИ



* * *

Жазды тосуп жылуу жааган жамгырда,
Жашыл көйнөк кийип чыктым көчөлөп.
Кулагыма ар бир дарак шыбырайт:
«Көйнөгүбүз окшош экен, көрчү»,— деп.

Күз келгенде, муздак жааган жамгырда,
Сары көйнөк кийип чыктым көчөлөп.
Кулагыма бардык дарак шыбырайт:
«Жүзүңдөн не али жазың өчө элек?»

## СЕН ЖЕТИШПЕЙ ТУРАСЫҢ...

Саймаланган кызыл жоолук салынып,
Жалын болуп дидарыңа кабылып.
Желбиредим неге мынча билбеймин
Тагдырымдан сени сурап жалынып.

Сен жөнүндө сүйлөй берем чарчабай,
Сүйлөр сөзүм түгөнбөгөн шекилдүү.
Турмуш чындап менден күчтүү көрүнөт,
Жасаганы өктөмүрөөк, өкүмдүү.

Атпас таңды күчкө салып атырам,
Кезек алып, сүйүү ташып киргенде.
Башкачараак болот бейлем башынан,
Махабаттын таш боорлугун билгенде.

Жылдыз сымал жарк деп учуп өткөндөй,
Конок белен өмүрүңө бир келген.
Кара түндү ээрчип кетсин өткөндөр,
Кабар алып кетсең боло эркенден.

Эки бетке сууну чачсам кочуштап,
Чычалайсың көтөрө албай оюнду.
Сенин ошол мага берген белгинби,
«Сүйбөйм сени, сүйбөйм» — деген жообуңбу?

Ойлоп көрсөң эмнелер жок дүйнөдө,
Кайгы, шаттык кыналышып ээрчишкен.
Турмуш кызык — кээде ылдый, кээде өйдө,
Далай эрлер арманда өтүп кетишкен.

Кыялдарым быты-чыты чачырап,
Узун түндү ойлоп жатып өткөрөм.
Бажырайып мени өзүңө арбаган,
Көзүң такыр кетпей койду көңүлдөн.

Качандыр бир жолукканда күлмүңдөп
Тунук сүйүү сезилчү эле үнүңдөн.
Сыланкороз сылап чачың кылтыңдап,
Кимди издеп, кайда кеттиң күүгүмдөп.

Тынч алалбай, кең ааламга сыйбастан,
Аба ордуна чаңды жутам кысылып.
Шынаарлашып көңүл сүйгөн кыз менен,
Өткөрөсүң жашоо, өмүр кызыгын.

Ошо кызын жарык кылып жолуңду,
Тең келбеген өнөр менен жактыбы?
Же болбосо кымбат баалуу бермети,
Сен уктаган ак бөлмөгө чачтыбы?..

Оокат кылып коломтого от жаксам,
Дем чыгарбай улутунам ар качан.

Ошол оттой бир чачырап күйө албай,
Калбадыкпы түтүн болуп чырмашкан.

Оюм тутам түрмөктөлүп капкара,
Азап менен айланабы ак жаанга.
Ошондогу бал тилиңе ишенип,
Мен ыраазы болбой келем бактыма.

Кайда кеттиң ажарлуу жаз түнүндө,
Тоту кушту канатынан ким илди?
Айкөл, назик, көңүлү ак апаңдын,
Мага арнаган шекүлөсүн ким кийди?

Аны эстесем ток ургандай жүрөк тыз,
Өзүң жокто баары мага кызыксыз.
Аша чаап, айды жарып өтсөң да,
Жарың болор мага окшогон да бир кыз.

Махабатың дилиңде эмес, тилиңде
Экендигин билсем деле эмдиге.
Жырган күлбөй жаштык азоо кезинде,
Тунжураймын сүрөтүңө тигиле.

Сыртың жылма ичиңде экен тикенек,
Селт дей түшөм эстегенде титиреп.
Колду кезеп унутсаң да өткөндү,
Мениң болсо али эсимден кетелек.

Эсиң менен ак-караны ылгабай,
Суу сурасам уу карматтың колума.
Аргамжылап койду бекен ушакчы,
Түшүп кеттиң «барса келбес» жолуна.

Күндөр өтсө өмүр өтөр кылчайбай,
Кечээкини бүгүн жаап, барактап.
Жулуп таштап көкүрөктө муңумду,
Жүргүм келет сыр алдырбай шарактап.

Курбулар көп зериктирбес эрмегим,
Кайгы сырым бөлүштүрүп бермегим.
Карап көрсөм бардыгы бар жанымда,
Баары түгөл бир кана сен келбедин...

## ЖАА, ЖАА, ЖАМГЫР!

Жаа, жаа, жамгыр, жаап өтчү,
Ак бетиме себелеп.
Өткүн болуп төгүп өтчү,
Асан-үсөн желелеп.

Жамгыр, жамгыр, кулак төшөйм,
Музыкадай үнүңө.
Жыпар мончок тагып өтчү,
Жаңы ачылган гүлүмө!

## АТА-ЖУРТКА

Ыйлап калсам кайрат берип андайда,
Ырдап жатсам ыргак кошуп таңдайга.
Куунак кылып санаа баскан көңүлдү,
Ата-журтум жаралгансың маңдайга.

Бүтсө дагы таш-турпактан алп денең,
Бүрүң бүрдөп дүркүрөйт го жаз деген.
Дир-дир ийип булактарың күздөгү,
Эгин алып, сырдашабыз Жер менен.

Кышта бейгам тон жамынып ак кардан,
Күндөй күлүп, миң күлпүрүп шаттанган.
Алмашылган мезгилдерге кемибей,
Кереметиң, кенчиң мүлдө сакталган.

Ырысымдай маңдайыма бир бүткөн,
Ысык мээриң, ыпкылуу жан дүргүткөн.

Мен өзүнө мөлмөл булак өмүрдү,
Дайра кылып ууртатууга үлгүрсөм!..

## ЛЕНИН МЭЭРИМИ

Үлбүрөк үч жаштагы кызым Мээрим,
Тамшанып угам таттуу айткан кебин.
Жылмайган жылдыздуу бул карыянын,
Сүрөтүн көрүп айтат: «Атам Ленин».

Баланын жаралгандай тилегинен,
Эненин жаралгандай жүрөгүнөн.
Ленинди тили чыккан кызым таанийт,
Жупуну дал өзүндөй сүрөтүнөн.

Ал чачкан мээрим нурун тоспогула,
Акылман сөзүнө калп кошпогула.
Ким бузса осуятын, мыйзамдарын,
Атынан адамзаттын соттогула!

Ыр менен гүлдөр сунам жаңы жаздан,
(А бирок, кайталангыс өзү дастан.)
Чаташкан чие турмуш түйнүн чечип,
Адашкан канча жандын көзүн ачкан.

## КОМСОМОЛДУК ЖҮРӨК

Иштер жок жаштар барып бүтүрбөгөн,
Күчтөр жок комсомолдой күжүлдөгөн.
Жаз жыттап, сүйүү татып, талант издеп,
Жүрөгү көкүрөк тээп дүпүлдөгөн.

Дың жерлер өсүп чыккан жашыл канат,
Колунан комсомолдун асылданат.
Жаштык — бул тармал көкүл шайыр жигит,
Жаштык бул сулуу кыздай чачын тарап.

Жаңылык келет дайым жаштар менен,
Жайдары акылдашкан карттар менен.
Жүрөгүң комсомолдук сого берет,
Эрдиктен таш жазданып жатсаң деле.

Комсомол — жолоочусуң талыкпаган,
Сен үчүн мамык таштай, таш мамыктай.
Марага жете келип ар жылыйын
Максатка атырылган аргымактай.

Чаба бер жаштык кезде аргымакты,
Керекпи, мезгил, турмуш; Айды чапчы!
Комсомол бойдон жапжаш жүргүм келет,
Улгайып кемпир болур калганчакты.

## АЙТЫП БЕРЧИ АТАМ ЖӨНҮНДӨ

Апакебай сенден суранам,
Кеп козгочу өткөн турмуштан.
Жесир калып отуз жашында
Жалгыздыкты — сени куурулткан.

Кара кийип жашың тыйылбай,
Көк түйүлгөн чыгаар көңүлгө.
Ошол өткөн катаал турмуштан,
Сүйлөп берчи атам жөнүндө.

Акыркы ирет сүйүп жүзүмдү,
Уктатканын билем түндөсү.
Уяңдай жаш тура бул жигит,
Тиктебечи ушул сүрөттү.

Унутулуп көргөн азабың,
Бакыт күлөт азыр төрүндө.
Чынар болду тиккен чырпыгың,
Айтып берчи атам жөнүндө..

## ЖАКШЫ КӨРӨМ АЙЛУУ ТҮНДӨРДҮ

Мага жагат айлуу түндөгү
Сүт сураган сүтак үндөрү.
Түн күзөтүп короо четинде,
Чабан кыздын басып жүргөнү.

Жакшы көрөм айлуу түндөгү,
Безеленген булбул үндөрүн.
Жана дагы бактын түбүндө
Сүйгөн кызын жигит күткөнүн.

Мага жагат жумшак тоо жели,
Эркин сылап турса гүлдөрдү.
Сүйүшкөндүн башын коштурган,
Жакшы көрөм айлуу түндөрдү.

*

Дүрт этип отко түштү,
Күнөөсүз жалын жүрөк.
сыр бербей от ыргытып,
Зымпыйып жигит жүрөт.

Билдирбей ал сезимге,
Бүлүктү салып таштап.
Бей капар жүрөт жигит,
Бир кыздын көзүн жаштап.

Амалсыз кыз бүркөлөт,
Сүйүүсү түтөйт батпай.
Жигитке күлүп койду,
Эңсөөсүн ичке катпай.
Махабат жанга батса,
Кетирет тура шайды.

Жигит да күтсө керек,
Кериле кучак жайды.

Алоолоп эки жүрөк
Түн бою күйүп турду.
Агарып таң атканда,
От көздөн кайым болду...

## МАХАБАТКА КАБЫЛГАНДА

Аял бар элүү жаштан бир аз ашкан,
Мүнөзү, бардык жагы мага жаккан.
Кезинде болгон чыгар бул да чүрөк,
Азырчы, беттерин бүт бырыш баскан.

Ал аял күндөгүдөн бүгүн башка,
Гүл тагынып алыптыр буурул чачка.
Сүйүнөт, сүйүнгөндөн жерге батпайт,
Же эмне, кабылганбы махабатка.

Аңгыча шыңгырады телефон да,
Атылып, ана жетти трубкага...
Жолукчу жерин көздөй жөнөп калды,
Үлгүрбөй таранууга, жасанууга...

Махабат — карт адамды жапжаш кылган,
Адам жок бир өзүңө багынбаган.
Жылбайсың «он сегизден» качан көрсөм,
Өзүңө адам аттуу таазим кылган.

Эх, сүйүү, касиеттүү бардыгынан,
Кайсы жан жалыныңа жылынбаган.
Мээримиң дудуктарды сөздүү кылып,
Бечара сокурларды көздүү кылган.

## КОШТОШУП КОЙДУМ БЕЛЕ КУРГАН ЖАНЫМ

Катылып бүдөмүк ой көңүлүмө,
Кайгылуу өңдөн азып жүргөнүмдө.
Кат келип күткөн кымбат адамымдан,
Кан куйду алсыраган жүрөгүмө.

Катарлаш жүргөнүңдө баркың сезбей,
Канатсыз каларымды же эстебей.
Коштошуп койдум беле курган жаным,
Канетип сенсиз өмүр өтөт дебей.

Кадыркеч асыл затым, табылбасым,
Кыйылбай тең бөлүшөр табылгасын.
Келегөр, кымбат курбум билесиң го,
Каректе өзүңсүз шам жагылбасын.

Күтөмүн, бажырайган жанар көзүм —
Катылган сагынчымды бөлүшөйүн.
Катты кой, кат ордуна өзүң келчи,
Кумардан таркаганча өбүшөйүн!

## КЕЛГИН ЖИГИТ

Көрчү жигит карегимден от жанат,
Сени күтүп майрам күнү келет деп.
Куттуктайм деп белегиңди бербегин,
Белек деле чүпүрөктөй эскирет.
Негедир мен күндөгүдөн сулуумун,
Жүз албырттап, чоктон ысык илебим.
Келгин жигит, ушул күнү сен келсең,
Майрамдагы белегим деп билейин.
Жолун тосуп башкалардан бөтөнчө,
Нурдан чубап көйнөк түйүп кийейин
Келгин жигит!

## ӨҢӨРҮП КЕТ КАНАТЫҢА — КӨЛҮҢӨ

Мени ойлонуп укта жигит түшүңө,
Ак булуттан көйнөк кийип кирейин.
Сенин демиң, өрттөй ысык илебиң,
Ак булутту ээритеби, билейин.

Ушул түнү мен түшүңө кирейин,
Шөкүлөчөн той кийимин кийинип.
«Бай болгун»,— деп жоолук салган башыма,
Апакеңе жүгүнөйүн ийилип.

Укта жигит, мени көрүп түшүңдө,
Өңөрүп кет канатыңа — Көлүңө.
Наристедей кол булгалап учалы,
Укта жаным, таттуу уйкуңдан бөлүнбө!

* * *

Айдайымсың, а бирок Ай эмессиң,
Алтынымсың, бирок алтын эмессиң.
Айтылбас сыр жүрөгүмдө шыбырайт:
«Бир гана сен, бир гана сен керексиң».
Аяр сактап катып жүргөн гүлүмдү,
Сенден башка жан адамга бербесмин.
Бир гана сен, бир гана сен керексин!

## ОО, МАХАБАТ МЕНИ АЯБА!

Алысташтык күйүт түтөп көңүлдөн,
Арабызда алда канча күн өткөн.
Алтын жарым турдуң бүгүн өгөйлөп,
Айтчы жаным, ак жүзүңдү ким өпкөн?

Шек келтирип ушул мүнөттө,
Чокту салдың таза жүрөккө.
Өзүм сүйгөн жоодур көздөрүң,
Алмашылып калган бөлөккө.

Жамгыр төгөр, төгөр такыр басылбай,
Асман өңдүү бүркөлөрмүн ачылбай.
Нур элесиң жүрөгүмдү шыкаалап,
Токтоп турар жазылчу ырлар жазылбай.

Ортобузду бөлүп төрт мезгил,
Турмуш сага кебин кийгизген.
Өжөр тагдыр мага ыйгарбай,
Кайсы кызга сени сүйгүзгөн?

Оо, махабат, кызар кызыл манаттай,
Эндик кылып мен сүртүнүп алайын.
Мени сүйбөс, мага түшүнбөс жигиттин,
Жүрөгүнө өчпөс отун жагайын.

Капилеттен сендик тагдырдан
Бир жаңылсам жөлөп-таяба.
Сен аясаң ая башканы,
Оо, махабат мени аяба!

* * *

Жамгыр жаады, унутуп кой өткөндөрдү дегенсиң,
Жалгыз келем көлшал болуп ойлоп сенин элесиң.
Жаан жааганда кеттиң эле —
Жаан жааганда келерсиң?..
Жамгыр үнүн, жамгыр күүсүн,
Ажырагыс улук сүйүүм экендигин билээрсиң.

Таң калтырып ойго салды кебелбеген мүнөзүң,
Айтсаң боло күнөөм кайсы, неге минтип жүрөсүң?
Жаан жааганда кеткен элең —
Жаан жааганда келбедиң?
Санаа тартып жолдоруңду,
Канча күтөм билбедим...
Ишенчтеп кеткем го деп, ойлоп көңүл кирдедим...

* * *

Келсең боло кетсин жүздөн капалык,
Бир жаздыкка башты коюп жаталык.

Же болбосо айыпкердей алдында,
Кетирдимби кечирилгис каталык?
Бир өмүргө бир гана ирет келүүчү,
Конгон бактын балын бирге таталык.
Жалынсак да, өкүнсөк да кайрылбас,
Ойноок кезде шат күлкүгө баталык.

Булбул болуп бутагыңа конуюн,
Жыттап канбас жыпарыңа тоёюн.
Жоодураган көздөрүнөн ыр издеп,
Жок дебейин айтканыңдай болоюн.
Кана тиктеп сүйүү толгон жүзүңдү,
Кумарлана кубанычка толоюн.
Кечикпечи, сен кечиксең келбейт деп,
Кейигенде, санаам сан да,оюм он...

* * *

Коркомун аябай сүйүштөн,
Өртөнүп жалынсыз күйүштөн.
Андыктан көрүнбө көзүмө,
Алаксып калайын «көп иштен».
Жазыксыз күнөөнү көп үйүп,
Коркомун жаш алып жүрүштөн.
Эч кимге сүйлөбөй үңкүйүп,
Кур калып «менчиктүү үлүштөн».
Ичиңден атылып үшкүрүк,
Жазда да тоңдуруп үшүткөн.
Билемин эң күчтүү ал күйүт,
Далайлар зыркырап жүрүшкөн.
Андыктан көрүнбө көзүмө,
Коркомун мен сени сүйүштөн.
Коркомун торуңа түшүүштөн,
Андыктан көрүнбө, көрүнбө!

* * *

Ай жүзүн жабаар акыркы жолу жарыгын төг
Кызыл Күн издээр, чыгарып алып, мажнун бо

Куушуп жүрүп жетишпей келген кылымдар бою,
Түндөсү — Айы, күндүзү — Күнү түгөтүп отун.

Мен азыр сага айталбайм досум, айталбайм азыр,
Ошондо неге чагылган болуп жалп этип өчкөм.
Жалындап күйгөн жаштыгым деле күнөөсүз эле,
Жалындан ээрип, жашымды тыйбай жамгырдай төккөм.

Сураба досум, мендеги алды — эңсөөдөн курган,
Жубатып көңүл, алагды кылар шербетти сунба.
Кызыл Күн — сенсиң алоолоп күйүп шооласын чачкан,
Мен — Аймын сенден жашырып жүзүм, парданы жапкан.

## ЖҮРӨГҮМ МУЗДАЙ БЕРЕТ

Сен таттуу уйкудасың —
Чырагың өчүп турат.
Мен — жамгыр шыкаалаган,
Сен жаткан терезени
Акырын тык-тык урам,
Ойготкум келип сени.
Жүзүңө тамгым келет
Музыка үнүн коштоп.
Жетпестен ээрип кеттим,
Бетиң чок, ысык оттон.
Койнуңда кыпкызыл гүл,
Кучагың жайган кенен.
Болсо да кызыл гүлүң,
Башканың гүлүн неге,
Азгырып алгың келген?..

...Жүрөгүм муздай берет,
Мен сени көргөндө эле.

## КОЛУҢДУ СУНСАҢ

Айылга келдим, эрмегим менин,
Букет гүл кармап тосуп чыкпадың.
Жүрөктү бүтүн ээлеген демиң,
Эл тыңшап жүрүп, үнүң укпадым.

Жашымды төкпөйм асылым менин,
Төгүлүп бүткөн, баары куркаган.
Сүйүүбүз турат аягы бүтпөй,
Бүткөрбөй аны кай жан уурдаган?

Кош бол жан эркем, жылдызга кеттим,
Бийиктен сени издеп табайын.
Эңсеп бир жүргөн тилекке жеттим,
Колуңду сунсаң, тартып алайын.

* * *

Келдиң жаным, келдиң дагы,
Колдорумду кармадың.
Көзүң жанат, түнкү жылдыз,
Билдиң мага жагарын.
Бүгүн минтип ээн тамдабыз,
Сырдуу сөздөр бүтпөгөн.
Көздөрүбүз күйгөн жылдыз,
Таң атышын күтпөгөн.
Жалгыз өткөн түн өрттөнсүн.
Жары менен жатпаса.
Сүйүү деген -- келгин куштай
Учуп кетет бакпаса.
Күтөт сени үйүңдөгү
Өңү өчкөн көшөгө.
Сен кетесиң, жалгыз калып,
Таңды күтөм көшөрө.
Сүйүү деген — бир жалбырттап,
Күйүп өтүү дүйнөдөн.

Теңир жалган бул өмүрдө,
Айрыбасын сүйгөндөн!

* * *

Көзүңдү, күлмүң этип жарык чачкан,
Кезинде жылдыз го деп аша чапкам.
А көрсө жөпжөнөкөй көздөр тура,
Болгону махабаттан жапа тарткан.

Мен азыр бир жигиттин бүлөсүмүн,
Кезинде так секирген элик элек.
Сен болсо бойдокчулук турмуш менен,
Алышып дагы деле жүрсөң керек...

**ЭЛЕГИЯ**

Күйөөгө чыккым келет,
Апаппак көйнөк кийип,
Бетимден нур тамылжып,
Татына жигит сүйүп.
Саргайып бышкан күздө,
Жигиттин сырын билип,
Күйөөгө чыккым келет...

Күз сүйлөйт албууттана,
Париктер түшүп жерге:
— Жазында жашыл кийип,
Күйөөгө чыктың эле.
Айтасың уялбастан,
Тием деп да бир эрге.

Сары күз каарын төктү,
Жамгырлуу жашын төктү.

— Токточу кагылайын,
Сары күз ачууланбай.

Мен тийген ошол эрим,
Жерди эмес, карап көктү,
Бир эле мени сүйбөй
Далайдын бетин өптү.
Балдары мага чейин,
Меники, менден кийин
Төрөлгөн ар энеден
Томсоруп жетим калды.
Сары күз селт дей түштү,
Тып этип нөшөр токтоп:
— Ошол бир көк жал неме,
Сенин да эриң беле?
Мен аны каргап таштайм:
«Буту бар — мунжу болсун,
Көзү бар — сокур болсун!
Жан жери жансыз болсун,
Аялга баргыс болсун.
Оомийин, кабыл болсун!»

Алып кел ак көйнөгүң,
Шөкүлөң, сөйкөлөрүң,
Тагынгын, кийингин да,
Тартайын көшөгөңдү,
Балдарды кор кылбай бак,
Күйөөңдү сыйлай билгин,
Басынбай, бактыңды тап.

Алдамчы жигит сүйбөй,
Алтындан шакек кийбей;
Кайгыны такыр билбей,
Күйөөгө чыккым келет...

Саргайып бышкан күздө,
Бир жигит күлүп келет
Жакында — ушул күздө,
Чачылып тоюн берет...

* * *

Капыстан, агай, көргөндө мени,
Жүзүңүз неге албырып кетти.
Балбылдап жанып шамдай көзүңүз,
Кыялдуу тиктеп, сүйлөйсүз кепти.
Сүйкүмдүү ошол сөзүңүз айткан,
Көөдөндү тээп жүрөккө жетти.
Агайжан минтип убара кылба,
Айыпсыз жерден кызартып бетти...

* * *

Түн да узун, араң гана таң атты,
Жамгыр жаңы жааган кезде дыбырап.
Тагып алып эч кимде жок канатты,
Түштүк жакка учкум келди зымырап.

Аба таза. Жамгыр кетти жаңыртып
Куштар сайрайт, бирок ага кызыкпайм.
Кыялыма чырмалышкан бир элес,
Канткен менен жүрөгүмдү ысытпайт.

Заман сонун орундалып тилектер,
Сүйүшкөндү сүйгөнүнө жеткирген.
Көзүн таңып узатуучу күйөөгө
Ал заманда алда небак эскирген.

Алда кайдан ырдап жатты бир ырчы,
Жан кыйнаган махабаттын жалганын.
Көрсөтпөстөн көздөрүнө жаш алып,
Ал бир манжун ичке катты арманын...

* * *

Жаз алып, күүгүм талаш сизге келип,
Акырын терезени чертип турам.

Көрүнбөй карааныңыз бүлбүл этип,
Жел менен кошо келген шыбыр угам:

«Кечигип күүгүм талаш неге келдиң,
Үйүмдө коногум бар эрте келген.
О, небак отузунчу кышты кийип,
Мен азыр ашып өткөм бийик белден».

Жаз болуп жазда келсем, кышмын дейсиз,
Алгачкы алтын күздү кийбей туруп.
Көзүңүз анда неге тунук булак,
Багынтып бүт эркимди алган буруп.

Үйүмө атыңызды аба менен
Толтуруп жазам дагы эшик жабам.
Жаралган тагдырыма алымсынбай,
Термелип узун жолдо кетип барам.

* * *

Көзүмө жаш кылгырып,
Калтырып бүт ишимди.
Бүгүн мен эстеп турдум,
Бактылуу бир кишини.

Капкара карегиме,
Элесин тартып алгам.
Жолугуп капысынан,
Мен аны сүйүп калгам.

Көзүмдөн жаш тамчылап,
Унутуп бүт ишимди.
Мен бүгүн сүйүп турдум,
Балалуу бир кишини.

* * *

Сиз жөнүндө мага айтышат,
Мен жөнүндө сизге айтышат.
Чын сүйүүнүн нагыз кулу деп,
Экөөбүздү атап жатышат.

Махабаттан күйгөн алсыз кыз,
Ыр жазыптыр дешти сизге арнап.
Оттуу көзүм жайнай сабырсыз,
Сездирбестен турдум чычалап.

Кыжыр кайнайт, койчу — ишенбейм,
Чеп курсам да сизге өтө алгыс.
Курган чебим кылдай тоготпой,
Ыр жазган ал кандай өткүр кыз?

Ыр жазат деп угуп бирөөнү,
Кыйчалышып, өмүр-жашоом суз.
...Сураштырып жүрүп олтурсам,
Өзүм болуп чыктым ошол кыз.

## «АЙ ТУТУЛГАН ТҮН» СПЕКТАКЛИН КӨРҮП...

Таң Чолпон жарк деп, бүлдүрүп,
Кетерин кайдан билипмин.
Күйүтүн тартып жүрөмүн,
Күйдүрүп кеткен жигиттин.

Жазыксыз келин Диневар,
Элде жок бакыт сизде бар.
Бактымды сизге тарттырып,
Ыкшыган күйүт менде бар..

Баркы жок дешип айтышат,
Колдогу турган алтындын.

Баркына жете жүрсөңүз,
Мен жетпей калган бактымдын.

Күн нуруң төгөт калкыма,
Күнгөйгө тиккен өргөңүз.
Сүйүүгө арга жок тура,
Күнөөлөй мени көрбөңүз.

Бактылуу келин Диневар,
Батпады тийген күнүңүз.
Бактымды сизге тапшыргам,
Бапестеп алып жүрүңүз.

Жарыңыз болсо Акиегет,
Зубаржат менмин «белгисиз».
Боор ооруп эже Шапактай,
Же,
Бактымды кайрып берсеңиз.

## БАЛДАРЫМА ӨТКӨРДҮМ

Тез-тез кирет түшүмө,
Албууттанган балалык.
Көлмө үстүнөн секирип,
Жардан кетем куланып.

Айдай толгон кезимде.
Ай үстүн дөбийлегем.
Күндөй толгон кезимде күн,
Күн үстүндө бийлегем.

Оюн салып кайкыган,
Чымчыктаймын дечү элем,
Чымчыкты да капаска,
Түшүрөрүн билбегем.

Жылаңайлак чок баскан,
Балалыктан өткөнмүн...
Сүйүү, жаштык, жыргалды,
балдарыма өткөрдүм.

* * *

Келдиңиз, чындап эле келдиңизби?
Жүргөндө көкүрөккө батпай кусам.
Тараза чарт жарылмак көтөрө албай,
Бүгүнкү кубанчымды салмактасам.
Сиз менен бирге олтуруп ушул түнү,
Мейли эртеңки түн каза тапсам...

* * *

Карегимде уйпаланат бир элес,
Түндү кантип жалгыз жатып өткөрөм.
Күлмүң этип эмеле гүл узаткан,
Жалжылдаган кара көздү жек көрөм.

Сизге жаным бүтүн бойдон берилген,
Сизди дедим, талкаладым бактымды.
Эси жоктук менче болор элирген,
Чоочун бактан жанга жыргал таптымбы?

Жалган сүйүп жарым менен жашабай,
Мүңгүрөгөн көз жашына карабай,
Чыгып кеткем эки кызым ээрчитип,
...Жылдыз учат көкүрөктү аралай.

Сүйөм сизди, сизди сүйөм бир гана,
Тагдырымдан сизди сурайм кеч келип.
Бүт барына кайыл болуп турмушта,
Сизди сүйгөн болбосо экен менчелик.

## ТЕРМЕЛЕБИЗ КЕМЕСИНДЕ КЫЯЛДЫН

Балдарымдын күлкүсүнөн жаралган,
Күн уялайт бир бурчунда уямдын.
Жөжөлөрүм колтугума пааналап,
Термелебиз кемесинде кыялдын.

Уктатамын бешик ырын созолоп --
Ыр жандуураак өсүшсүн деп ойлоном.
Гүлсаныма гүлдөн алып ат коюп,
Мээримиме мээрим төксүн деп койгом.

Баш калкалап ижарада жер тамда,
Убактылуу жашап коюп жүрөбүз,
Айды, Күндү кучагыма бек кысып,
Ырдап берем: «Биз бактылуу үйлөбүз».

Балдарымдын күлкүсүнөн жаралган,
Ай уялайт бир бурчунда уямдын.
Моюн сунбай тоскоолдукка күнүмдүк,
Термелебиз кемесинде кыялдын.

* * *

Агайжан айтпаңызчы барагой деп,
Кылчактап кетким келбей турган кезде.
Кыялкеч сезимимди ээликтирип,
Ыр жазып келдим эле бүгүн сизге.

Негедир унута албай ойлоп жатам,
Кол берип кош айтышкан кезиңизди.
Жылмайып жылуу гана бир караште,
Дүрбөтүп жан дүйнөмдү кеттиңизби.

Таң калып табышмактуу жоругума,
Олтурам түгөнбөгөн ойго чөгүп.

Тентек кыз — тентектигиң, деген өңдүү,
Жүзүңүз от чачырайт сүйүү төгүп.

Агайжан айтпаңызчы барагой деп,
Кылчактап кетким келбей турган кезде.
Ғалпынган сезимимди энтиктирип,
Ырымды окуп берем ушул кечте...

* * *

Сен кеткен таштак жолго тигилем да,
Үмүттүү улутуна үйгө кирем.
Чачымдын тең жарымын кыроо басат,
Тунжурайм көз ачалбай, үшкүрүнөм:
Кашайтып эки көзгө чөптү салсаң,
Ээрчишип башка менен кетип калсаң,
Жашоодо жалындаган демим менен,
Кол шилтеп бир кайрылбай кетем дегем.

Каалганы каккылайбы кимдир бирөө,
Терезем чертилеби тык-тык этип.
Таш жолго тепселенген үмүтүмө,
Алданам, терезеге учуп жетип:
Адашып өмүрүмө келген кушум,
Азгырып өмүрүмдү кеткен кушум,
Суутуп илебиме сууну септиң,
Таптың да жылуу түнөк учуп кеттиң...

## ТӨРТ САПТАР

Сүйүү келди — жалындатып, мас кылып,
Өзгөрүлттү, мүрөк берди жаш кылып.
Унуткарып кайгы зарды, күтүүнү,
Сүйүү келди — энтиктирип, шаштырып.

* * *

Сүйүү кетти — өчөштүрүп кас кылып,
Шылдың кылды, дудук кылды каткырып,
Жылт-жулт этип сымап болуп, төгүлүп,
Сүйүү кетти — адаштырып, азгырып.

* * *

Бир муңайлуу нур жүзүнөн көрүнүп,
Бир кыз турат ойго чөгүп мөлтүрөп.
Ой-бой сүйүү, сулууларды мөгдөткөн,
Сенин демиң башкалардан күчтүүрөөк.

* * *

Чын жүрөктөн бүт турпаты берилип,
Жакшы дечи сүйүп калуу, жактыруу.
Бирок дагы мен билгенден бир мисал,
Сүйгөнүнө жетпей калган бактылуу.

* * *

Күйүп турган калемпирдей кезимде,
Көп жигиттин карегине катталгам.
Сурабачы канча жашка чыктың деп,
Паспортума эки сүрөт чапталган.

* * *

Билем-билем, азыр эле келесиң,
Күлүмсүрөп уяң салам бересиң.
Өзүң жактан жылып келип жылуулук,
Андан кийин ээрчип алат элесиң.

Нур эмессиң тээ бийиктен чагылган,
Дайра эмессиң толкун жирен агылган.
Көрүшкөндө бир жумада бир жолу
Сага теңдеш сөз табалбай кыйналам.

* * *

Түсүң сунсак, таарынганың билдирип,
Оттой жанам күнөөлүүдөй алдында
Сен үйүмө адашкансып бир кирип,
Жаз гүлүндөй уйпаланып калдың да.

* * *

Гурмуш таттуу, кээде ачуу аралаш,
Калдым сага, калдым бүгүн байланып.
Экөөбүздү тагдыр кошкон күндө да,
Жамгыр төгөөр арты карга айланып...

Бекбосун Байтоков

# ДҮРБӨЛӨҢ



## ЖАЙЛООДО

Чалмага чалынган айгыр чакчарылып,
Көздөрүндө авария — асман-жер аңтарылып.
Карт букалар өкүрүп зоо түбүндө,
Мүйүздөрдөн вольттор учат карс сүзүшсө...

* * *

**Тагдырлар бар, бир өмүргө сыйбай турган,**
**Октой тийип, сынап өткөн жүрөк күчүн,**
**Мезгил өтпөйт, биз өтөбүз мезгилден,**
**Өзүмө айтам — жаратууга барбы күчүң.**

Өмүрлөр бар, сулуу көздөй жайнаган,
Ошол көздөр, булак көздөр кайнаган.
Суктанармын, обочолоп калганда
Таарынбай жараткандын жазмышына.

Бирок, билем өмүрлөрдөн башка өмүр бар,
Мыкчый кармап акыл эсти талкан кылаар.
Өз айланды таба албай турганында,
Үрөйүндү учуруп кылыч сунаар.

Чакырып, сени эрксиз кармашууга,
Көөдөнүндү бөлөп кетет жалынга.
Сага тийген канжар сынса бөлүнүп,
Анда сен болуп калдың бийик аска.

**ЛОРКАНЫН ӨЛҮМҮ**

Матадор,

        бычакты матыр —

                        корр!

Кызыл кан жая берип

Каркырайт

            жүрөк —

              мотор.

Лорканын тамыры басаңдоодо:

лок-лок-лок-лок...

лорк-лорк-лорк:

«Кош бол, каралуу

                Испаниям!

Кош бол, фашисттик

                карбюратор!»

* * *

Оо, Ата-Журтка кайткан түн! —

Дароо эле мүрзөлөргө кабылдым.

Жылдыздай жылт эткен тамчы жашым

Топурагына тааип кетти бабалардын...

**ХОККЕЙ**

Орустун тандалма баатырлары,

Муз үстүндө «салгылашып» жатышат.

Дал ушундай салгылашкан

                        Александр Невский!

Кылыч эмес, бирок коньки жаркырайт

Капкара чагылгандай бир жарк этип

Дарбазада чаяндай шайба жатат.

Профессионал иймек сабын көтөрсө кыжырданып,

Орус шыгы чиедей гүлдөп чыгат...

## «ТҮШ» ЦИКЛИНЕН
## ФАНТАСТИКАЛЫК ПЕЙЗАЖ

I

Ааламдын негизи бузулганбы
Асман күңгүрөп
Кыпкызыл Ай
Тоолордун аркасынан чыкты дагы.
Мурда болуп көрбөгөндөй ылдамдык менен
Күн батышка житип кетти.
Мен бешинчи кабаттын эң четки үйүндө
Жакындарым менен бул шумдукту жоруп жаттым.
Анам токтоолук менен: Кудай бар деп койду.
Асман кайрадап күңгүрөп
Кыпкызыл ай кайра чыкты
дарактардын кароолуна илинип
Реактивдүү тездик менен анан бат
Тегеренин сызып барат батышка
Тоолордун кыры менен дөңгөлөнүп.
Артында, ак жыландай түтүн из салып ийрелеңдейт,
Ай агарып жок болду, кичирейип
Мен түшөм дүрбөлөңгө
Бир укмуш болуучудай.
Ай огунан чыкканбы деп ойлодум.
Доордун да белгиси жок.
Күндүз да эмес, түн да эмес.

Микаланжелонун «Пиетасындай»
Жаратылыштын боёгу.
Белгисиз, назик траурдун музыкасы
Угулбаган, көзгө көрүнөт.
Тоолордун кырларында жансыз трубалар үйүлгөн,
Жерде да карарып темир-тезек чачылган.
Областтык аткаруу комитетинин председатели
айткансып:

«Буларды кантип аралап басып жүрөсүңөр»,
Сүрөт, кудум эле «Крокодил» журналындагыдай
Дүнүйө ушунчалык башкаруусуз.
Фантастикалык убакыт
Фантастикалык көрүнүш!
Караңгыда коркунучтуу өңү менен
Карбаластап бирөө үйүмө кирип келди
Бет жагы үңкүрдөй үңүрөйүп
Колдорун тарбайтат, суурчудай жүрөгүмдү.
Баштан ары коюп ийдим
Ал баш карарды ого бетер темирдей
Көчө, тамдын бурчу кинолента иңирдей.
Көрүп калдым жашырынган досторун
Андан ары ажырата алган жокмун өңдөрүн
Иңир турду дагы эле.
Көлөкөдөй сүрөттөр мени курчап кетишти
Чокмороктошкон көлөкөлөр койгулап жатышты
Өңдөрү жок, сөздөрү гана угулат
«Мунун өмүрү бар болгону 18 сом», деп бирөө.
«Маскара» мен ичимден ызырындым
«Анан, эмне 18 сом үчүн өлтүрүп жатасыңар»
Каргыш тийген бул 18 деген, сан эмне менен
байланы

Айталы, 18 жаш,
18-жыл, Революция, Декрет жер жөнүндө
ИЛ-18
18-баш
Көрүп турасыздар, бул сандарга
Замана, адамдар да кирип кетет
Бирок мага эмне үчүн ушундай түштөр кирет?..

* * *

Дүнүйө ушунчалык жалган!
Өткөн эмне? Арзыбаган эч нерсе.

Көз алдымда уюлгуган ак туман,
Ар жагында периште бар калкыган.

А сулуулук — кол жетпеген бийиктик,
Өмүр бою өтөөр бизди көксөтүп,
Жетсең дагы тойбоссуң ач көздөнүп,
Же кетесин капысынан өрттөнүп...

## ТРОЛЛЕЙБУС АЙДАГАН КЫЗ

Тынч отуруп түйдөк түйбөс эч качан
Кыз —
Троллейбус айдаган.
Жашоонун зор майданына кириптир,
шым кийиптир.
Кыз —
Көз алдында проспект созулган,
жаан жууп жалтыраган.
Токтоочу жай — адамдардын
майрамы,
Аттанышып жатышкан же
чыгышкан.
Мына сизге кондитер, мына
галантерея, универ
Мына «Ак-куу»
Акырын, чочутпаңыз, тамгалары
учуп кетип жүрбөсүн кыйгуулап.
Жылмаят руль кармап отурганга —
кыз.
Троллейбус биринчи жолугушуудан,
Тердеп кеткен, айнектелген чекеси.
Жол уланат,
Токтоочу жай — адамдардын майрамы
ал кубанат —
кыз.

Жанында эски шофер жол көрсөткөн.
Ал, алдын алуу тиктейт,
Светофор күлүндөйт.
Кичинекей «Москвичтер» бипилдешип,
Салам сага, жүз салам дейт дикилдешип.
Чоң машинанын жанынан ойт беришип,
Бир кубанычты сезишет —

кыз.

Турмуш менен алгачкы жолугуушуун,
Аппак тагдыр, ак сүйүүн —

кыз.

Жарданышып калышкан зор имараттар да,
Бирок алар москоол карайт
дүнүйөлүк закондордой
Бул өзү сөзсүз болчу нерсе го деп...

* * *

Көз отунду жалындатып тиктейсиң,
Мен асмандан жаңы гана түшкөндөй.
Таалайыңды же мен катып алгансып,
Көз албайсың, көз албайсың сүрөттөй.

Карап калсам, кайра мага күлөсүң,
Жакындасам, менден качып жөнөйсүң.
Эмне деген табышмагың бул өзү
Же чын эле бүгүн көктөн түштүмбү?..

## АК РОЗАЛАР

Ак розаларга кайрылып мындай дедим:
«Сүйкүмдүү менин карындаштарым
Силер неге турасыңар башыңарды түшүрүп муңайы
Суу да бергем ар таңда жылмайышып

Учурашчу жылуу өңүнөр кездердей
Бирок бүгүн жүрөгүмдү титиретти
Ошол эле розаларды тикенек
зымдар чырман муунтканы.
Менин сүйүктүү бир туугандарым
антифашисттер Чилидеги
Испаниядагы, Индонезиядагы
Жана башка жер шарынын
бурчтарындагы эркиндикти
сүйүүчүлөр.
Миллиондогон бир туугандарым
Сүйкүмдүү ак розаларым.
Күн көрбөй, аба жутпай
Жатасыңар зындандарда.
Бүгүн журналдан таап алдым
Светлин Русевдин «Стадион
Сант — Яго де Чили» деген сүрөтүн
Тикенек зымдарга чырмалышкан
Күнөөсүз адамдар
алаппак денелери ак розалардай соолуп жатат...

## НОКТЮРН

Түлөгөн электрдин жарыгында,
Анын жүзү перзенттей жапжаш эле.
Жарыктын ар жагында
Өлүк — түн.
Мага деңиз укмуштуудай көрүндү,
Көздөрүңдүн капкара жаркырагы
Кирпиктери менен дем алып
Акырын жылып келаткандай таңыркашы.
Бул укмушка бир аз эле тийгенимде
Жапайы бир чөптүн жыты келип
Түрткөнсүдү таттуу уйкуга
Чарчап турган денемди.

Анан мен сезип турдум
Андан келген жылуулукту.
Жүрөктөрдүн кагышы астында
Түбөлүккө жанталашкан —
Эки дене, эки жүрөк
Эки тирүү көпөлөк
Биригишип түндө учушту көкөлөп.
Бардык кыргыздардын ичинен
Сүйгөн элем аны жалгыз.
Эми ал капкайдагы мээнеттерди
Башыма үйүп салып,
Өзү болсо куунап жүрөт.
Тилин сунат шылдыңкор
Денесин бултандатып,
«Тарарамды» ырдап өтөт.
О, курбулар, бул шайкелең немени
Жек көрүүгө даяр элем,
Бирок, баарын жууп кетет.
Анын бир болбогон балалыгы...

## АВТОМОБИЛДЕР

Жалгыздык — антеннасыз телевизор,
Туташпайсың аалам менен, кереги зор.
Көздөрүң антракттай каңгырап болбош
(Ал түгүл келбейт сага ревизор,)
Карегиңе автомобилдер толуп алган шагырашып
Автомобилдер, автомобилдер, автомобилдер!..

## СТУДЕНТТИН СҮЙҮҮСҮ

Көздөрүң — эки кайык, калкылдаган,
Капкара деңиз болуп жалтылдаган.
Заматта, айланкөчөк болуп кетти,

Элестетип антарылган велосипедди.
Дөңгөлөктүн зымдарындай зыңылдап,
Жүзүң жок, элесимде чыбырчыктап.
А сүйүүнүн кан агып тизесинен,
Жаш балача жыгылып ыйлап кетти.
Эх, бир кезде тээптирмин
велосипедди...

* * *

Аттар сырактап тебет автомобилдерди —
жол-жол...
Агарат алыскы туу чокулар —
мал-мол...
Көл шарпылдайт кочкул, кычкыл.
Асман зор орган-жылдыздар күү төгөт.
Асман түбөлүк ренессанс
Адам түбөлүк диссонанс
Жерге биз билбеген планеттин көлөкөсү түшкөнсүйт.
Жер үстүндө боло элек цивилизация кирет түшүмө.
Дүйнө чын, дүйнө жалган,
Барбы азыр Лемурия? —
кыйгач көздөр түзгөн империя.
Курмандыктар кудугуна думуктуруп
Канчалардын жанын алдың жинпечия!
Бүгүн адамдар күнгө сыйынбайт.
Бүгүн кудай — бомба,
Кудай — чечилбеген проблема!
Ооба, менмин кешпир Квазимодо
Түкүргүлө мага —
Болом жалгыз.
Чөгүп бараткан кемедеги эр жүрөк матростой
тосом кыйроомду...

## ФОНТАНДАР

Талдар — айылдын фонтандары —
Фонтандарды кыйбагыла!

* * *

Чымчыктар фонтандарга конуп алган
Фонтандар — консерваториялар!

* * *

Фонтандар шаарларды атып жатат!..

* * *

Фонтандар шаардын ак ажыдаарлары
— Ажыдаарлар өздөрү кайда?
— Жашашат жомоктордо.
Жомоктор ажыдаарлардын коругу.

* * *

Фонтандар эркиндикти эңсеп жатып,
Сергитишет шаарларды.

* * *

Шаардын фонтандары — сулуу кыздары
Ырдашат, сүйүп бетон капчыгайларды.

* * *

Фонтандар зордукталып сулуу болгон...

## МУЗДАК ШААР

Кир баскан шаар.
Ылай, кечки, күзгү муздак.
Гүлзарлар, фонтан-теннис урган жаш кызды
үнүрөйгөн түнт аска унуттурат.
Алыскы эскерүүң да таттуу эмес,
Жай жылып иңирден парустай
агарып, бирөөнүн өңү — азбест.
Капкара көздөрү да күүгүмдөн чыгып келет
Күңүрт күйүп, кенчтей,
Эриндердин бурчтары биле элек эч нерсени
Ушул күүгүмдө жаңы эле төрөлгөндөй,
өтөт анан ал назик жан,
Портвейн жыттанган бир эрди колтуктап,
Түн дагы баркыттай виолончелдүү
кетип бара жатышынан
Күзгү, муздак, кир шаар салыңкы
Бир саамга жакшыраак боло түшөт,
Бар ээ деп ушул шаарда
Назик жан сүйкүмдүү.

## КҮНДҮ СҮЙГӨН СЕПИЛ

Чюрленстин күндү сүйгөн сепили,
Мезгил дымып, боштук жатат аңгырап.
Күнгө учуп бараткансыйт серп салып,
Булут көчүп, асман агат шаркырап.

Боорлорунда күндүн нуру чагылып,
Жаш бөбөктүн көзү уялган кыялы.
Дубалында күн бар, көк бар түбөлүк,
Ааламдын ачылышы алгачкы!

## ТАШТАР

Таштар, таштар — булактар катып калган
Булак болуп акпайсыңар кайрадан.
Силерди суу жууп жатат кайра эле,
Бир кезде өз боюңардан тамылган.

Ким өзүнүн туулган жерин унутсун
Суунун окшоп кареги — таштар карайт.
Өзүнүн денесинен өзүн берип,
Таштар гана түбөлүк акпай калат.

## КОЙ КАЙТАРГАН КАРЫШКЫР

Карышкыр койлорду кайтарып жүрөт
Жем-чөп берип багып жүрөт.
Карышкыр койлордун атынан сүйлөйт,
Кой кантип карышкырдын атынан сүйлөйт?
Ага ким ишенет.
Кой байкуш маарагандан башканы билбейт.
Койлорго макмал төр, жашыл шибер болсо болду
Трибунага чыкканда маарап коюп кайра түшүп
кетчү болду
Карышкыр болсо кой багуунун проблемасы
жөнүндө
Иттер менен полемикага чыгып,
Койдун чүйгүн этинен жеп, шорпосунан
ууртап отуруп,
Мындай деп фельетон жазды кезитке:
«Иттерди короодон четтетиш керек,
Антпесе койлорго чоң зыян келет».

## СУР АЙГЫР

*(Элдик мотивде)*

Таманы жерде тарсылдап,
Таскактаган Сур айгыр.

Кызыл жайлоо кырчылдап,
Турган кезде Сур айгыр
Машинеге кол салып,
Кажып ийген Сур айгыр.
Карагай тартып калтандап,
Тоодон түшкөн Сур айгыр.
Ошол тактай үй болуп,
Анда турам Сур айгыр.
Карышкырды калжайта,
Тээп кеткен Сур айгыр.
Калың жылкы башкарып,
Кадуулаган Сур айгыр.
Сыйлыгына эч нерсе,
Албай калган Сур айгыр.
Куйрук-жалы муз болуп,
Жаркыраган Сур айгыр.
Мекен жүгүн көтөрүп,
Жүрүп турган Сур айгыр.
Топуракты тос кылып,
Тоодой болгон Сур айгыр.
Мингенде баш айланып,
Зоодой болгон Сур айгыр.
Сен өлгөндө колхозун,
Аңырады Сур айгыр.
Кайда калды сөөгүң,
Шаңкыраган Сур айгыр?!

* * *

Ыр жазам деп отурганда,
Ак баракка
Мурдуман кан тамды.
(Кечир, каңылжаарым,
Сен үчүн поэзиядан өч алсамбы?!.)
Кечир кан,
Сен тамсаң да ыр тамбады...

## МАЗМУНУ

### М. Алиев «МАРТ — ЖАЗДЫН АЙЫ»

«Бир кезги мектеп жолунда»
Дарыя жана адам . .
Жан тынчтыгын асырап
«Гөроокатка күйүнгөн»
Шамал күндүн кадыры. .
«Чал-кемпир карегинде».
Жазда. . . . . . . . . .
«Жаздын күнү — жаш бала» . . . . .
«Кызыл-тазыл гүлгө оронуп жайыктар».
Балалык. . . . .
Март айы. . . . . . .
Күнүмдүктүн көйгөйүн. . . . . . .
«Көз жаш өтөт, кышың өтөт бел ашып».
Дарак ыры. . . . . . . . . .
«Кан дүргүп жүрсө денеде».
Шамал жөнүндө ой-толгоо.
«Дайрадай бойлоп өзөндү».
Көлөкө жөнүндө бир ыр.
Асанкайгы жана сен. .
«Жылаажын аяр үнүнлө». . . . .
«Менин дилим издеп көктөн арзууну».
«Кызгалдак толгон ыран». . . .
Тилек. . . . . . . . . .
«Көз жашка толгон жээктен». . . . .
«Жоголгонмун, шамалга өтүп аркырап».
Үй жана кемпир. . .
Кеч күздө. . .
«Турмуш - тулга» . .
Элди, жерди алкайсың.
Күндөп өйдө көпөлөк.

4
5
6
7
8
8
10
10
10
11
12
12
13
13
14
14
15
16
17
19
19
20
20
21
21
22
22
23
23
24

**Б. Карагулова «КЫЯЛ КЕМЕСИ»**

«Жазды тосуп жылуу жааган жамгырда».
Сен жетишпей турасың. . . . . . .
Жаа, жаа, жамгыр!. . . .
Ата-Журтка. . . . . .
Ленин мээрими. . . . .
Комсомолдук журөк . . . .
Айтып берчи атам жөнүндө. . .
Жакшы көрөм айлуу түндөрдү. .
«Дүрт этип отко түштү». . . . .
Махабатка кабылганда. . . . . .
Коштошуп койдум беле курган жаным.
Келгин жигит. . . . . . . . .
Өңөрүп кет канатыңа — Көлүңө. . .
«Айдайымсың, а бирок Ай эмессиң». .
О, махабат, мени аяба!. . . . . .
«Жамгыр жаады, унутуп кой». . . .
«Келсең боло кетсин жүздөн капалык».
«Коркомун аябай сүйүштөн». . . . .
«Ай жүзүн жабар акыркы жолу». . .
Жүрөгүм муздай берет. . . . .
Колуңду сунсаң. . . . . . .
«Келдиң жаным, келдиң дагы». . . .
«Көзүңдү күлмүң этип жарык чачкан» .
Элегия. . . . . . . . . . .
«Капыстан, агай көргөндө мени». . .
«Түн да узун, араң гана таң атты». .
«Жаз алып күүгүм талаш». . . .
«Көзүмө жаш кылгырып». . . . . .
«Сиз жөнүндө мага айтышат». . . .
«Ай тутулган түн»спектаклин көрүп. .
Балдарыма өткөрдүм. . . . . .
«Келдиңиз чындап эле келдиңизби?». .
Карегимде уктайт бир элес. . . . .
Термелебиз кемесинде кыялдын. . .
«Агайжан айтпаңызчы барагой деп». .
«Сен кеткен таштак жолго тигилем да».
Төрт саптар. . . . . . . .

**Б. Байтоков «ДҮРБӨЛӨҢ»**

Жайлоодо. . . . . . . . . . .
«Тагдыр бар, бир өмүргө сыйбай турган».
Лорканын өлүмү. . . . . . .

«Оо, Ата-Журтка кайткан түн».
Хоккей. . . . . . . . . . . . . .
«Түш» циклинен фантастикалык пейзаж.
«Дүйнө ушунчалык жалган». . . . .
Троллейбус айдаган кыз. . . . . .
«Көз отунду жалындатып тиктейсиң». .
Ак розалар. . . . . . . . . . .
Ноктюрн. . . . . . . . . . . . .
Автомобилдер. . . . . . . . . . .
Студенттин сүйүүсү. . . . . . . .
«Аттар сырактап тебет автомобилдерди».
Фонтандар. . . . . . . . . . . . .
Муздак шаар. . . . . . . . .
Күндү сүйгөн сепил. . . . . .
Таштар. . . . . . . . .
Кой кайтарган карышкыр. . .
Сур айгыр. . . . . . . .
«Ыр жазам деп отурганда». .

*Серия «Голоса молодых»*
*Выходит с 1972 года*

ЛИТЕРАТУРНО-ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ИЗДАНИЕ

Алиев Манап
**Март — весенний месяц**

Карагулова Бурулкан

**Раздумья**

Байтоков Бекбосун

**Беспокойство**

Стихи

Для юношества

Художники Жайчибеков Б., Бадахшанова А.

Издательство «Адабият»

На киргизском языке

КӨРКӨМ АДАБИЯТ КИТЕБИ

Алиев Манап

**(Март — жаздын айы).**

Карагулова Бурулкан

**Кыял кемеси**

Байтоков Бекбосун

**Дүрбөлөң**

Ырлар

ИБ № 160

Редактору К. Жаманкулов
Сүрөт редактору Б. Жайчибеков
Тех. редакторлору К. Бурганакова Ж. Сооронкулова
Корректору Ш. Жунусова

Терүүгө 24. 11. 1989-ж. берилди. Басууга 24. 04. [illegible] ж. кол коюлду.
Кагазы типографская № 1. Адабият арибн, жиңишке ыкма менен басылды.
Форматы $70 \times 90^{1}/_{32}$. 2,125 физ. басма табак, 2.49 шарттуу басма табак,
2.75 учеттук табак. 2,71 боёк түшүрүү. Тиражы 1000. Заказ № 3. Баасы 30 т.

«Адабият» басмасы.
720737, ГСП. Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

«Периодика» өндүрүштүк өнөр жай бирикмеси.
720000, Фрунзе шаары, Дзержин бульвары, 45.